Абдылда ЖОЛДОШЕВ

# Азиядан Берлинге

*Ырлар жыйнагы*



«Турар»
Бишкек – 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж 79

**Жолдошев Абдылда.**

Ж 79 **Азиядан Берлинге.** Ырлар, эскерүүлөр. – Б.: Турар, 2014. – 152 б.

ISBN 978-9967-15-382-0

Абдылда Жолдошев өз мезгилинин таланттуу акыны болгондугу ырларынын жарк эткен айрым учкундуу саптарынан байкалат. Ал улуттук жазма адабиятыбыздын алгачкы карлыгачтары Аалы Токомбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Темиркул Үмөталиев, Мидин Алыбаев, Алыкул Осмоновдор менен замандаш, калемдеш акын. Анын биринчи китеби – «Толкундар учкуну» 1937-жылы «Кыргызмамбастан» латын арибинде Жоомарт Бөкөнбаевдин редакторлугу менен жарыкка чыккан.

Акын Улуу Ата Мекендик согушка барып, Ленинградды коргоого, Берлинди алууга катышкан. Согуштан кийин партиялык жооптуу кызматтарды аркалаган. Бирок, тап душмандарынын жакыны деген жалган жалаадан куугунтукка алынып, ден соолугу начарлап 37 жашында дүйнөдөн кайткан. Анын биринчи китебинен кийинки жазган ырлары кол жазма түрүндө сакталып калган. Бул китепте ошол ырларынын жана «Толкундар учкуну» китебиндеги ырлары кыргыз алфавитине салынып, эскерүүлөр топтолду.

**Ж 4702300200–14**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-15-382-0

© Жолдошев А., 2014.

## БИР ТАМЧЫ АЛТЫНДАЙ

*Толкундардын учкунусуң,*
*Кичинекей бөлүнгөн.*
*Эмгегимдин бөлүгүсүң,*
*Татынакай көрүнгөн,–*

деп жазганы бар экен автордун. Чынында да бул татынакай эмгек экен. Ыр кандай жакшы. Анын ааламына кирип алсаң бир доорду кыдырып чыккандай, көрбөгөн жерлерди көрүп, жакшы адамдар менен жолуккандай сезимде жыргап аласың. Мен бул китептин кол жазмасын окуганда согуштан мурунку, согуш күндөрү, андан кийинки жылдарды аралап келгендей болдум. Биз ал учурду көргөн жокпуз, бирок сезимибиз менен туябыз, көп китептерден окуганбыз, жүрөгүбүздөн бир элестери болсо да өткөн. Ошонун баарын сыдыргыга салгандай ыр саптары көз алдыга келтирет. Анан ойлондум. Кыргыз элинин табия-

ты муундан муунга өтүп келе жаткан ыр дүйнөсүнө бай келет эмеспи. Кайсы мезгилди албайлы өз заманын ырдаган акындары бар биздин эл өнөрдү баалап келген. «Өнөр алды – кызыл тил» деп сөз кунунун баркы менен жашап, сөзгө жыгылып, сөз менен жеңип, далай тарыхый окуялар сөз кудиретине чөккөн. Бирок биз жашаган акыркы жылдары чынын айтканда сөздүн баркы кете түшкөнү ырас. Эми ал өзүнчө чоң сөз, анын да айтылчу өз орду бар. Канткен менен баары бир сөз өнөрү түбөлүктүү баалуулук экенин мезгил далилдейт. Анткени бардык нерсе унутулса дагы бу сөз өнөрү унутулбай кылымдарды аралап жашап келе жатпайбы.

Ошондой сөз өнөрүнүн чебери, жогоруда айтканыбыздай өз мезгилин ыр саптарына салып, жүрөгүнөн өткөргөн акын, улуу муундагы аталарыбыздын бири Абдылда Жолдошев экенин анын колго тийген ырларын окугандан кийин билдим. Анын өмүр таржымалын окуганда чыгармачылык жолу 1930-жылдардан 1950-жылдарга чейинки убакытты камтыйт экен. Бул жылдар кыргыз улуттук профессионалдык

адабиятыбыздын Аалы, Жоомарт, Алыкулдай классик акындары негиздеп, калыптана баштаган доору болчу. Мына ошолор менен калемдеш болуп, бирге жүргөн замандаш курбулук тагдырды баштан кечирген Абдылда Жолдошевдин ырлары дагы өзү жашап жаткан доордун үнүн угузууга аракет жасаган. Ошол мезгил кыргыз жаштарынын билимге умтулган учуру эмес беле. Мукай Элебаевдин «Зарыгам» деген ыры ошондогу улан-кыздардын көксөгөн максаты катары миңдеген жүрөктөргө жат болгон. Абдылда Жолдошевдин дагы «Ээ болгун билимге» аттуу ырынан мисалга келтирсек:

Тагдырдын тар жолдорун кеңитүүгө,
Негиздеп таянгынның сен билимге.
Билектин күчү сага күндүк тамак,
Жеңесиң болгон болсоң билимге ээ.

«Билектүү бирди жыгат, билимдүү миң»,– деп айткан бир сөз бар го биздин элде.

Бул ырды кайсы жагынан алып карап, салыштырып көргөндө дагы көркөм дүйнө таанымы Мукайдын ырларынын деңгээлинен кем калышпа-

гандыгы байкалат. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе көпчүлүк ырлары Жоомарт Бөкөнбаевдин ырлары менен окшоштугу. Балким анын таасири менен көбүрөөк жазгандыр деген да ой келет. Айтмакчы анын «Толкундар учкуну» аттуу ыр жыйнагынын редактору Жоомарт Бөкөнбаев болуптур. Демек, биздин сөзүбүздүн чындыгы бардай туюлат. Мисалы «Менден ант» аттуу ырын алып көрөлү:

*Бала ылачын – мен асманга учамын,*
*Канатта күч, мүмкүн эмес болжоого.*
*Тийип душман урушууну кааласа,*
*Душманыма каршы бүлүк саламын.*
*Курбуларга бул менден ант уккула,*
*Бул антымды орундата аламын.*

Өкүнүчтүү нерсе Абдылда Жолдошев жогоруда аты аталган замандаш акындардай жалаң чыгармачылыктын артынан түшпөстөн, саясатка илинген башка чөйрөнүн казанында кайнап, чыгармачылык экинчи планда калганы. Анын өмүр баянын окуганда ошол учурдагы партиялык жооптуу кызматтарды аркалап, бүт күчүн, билимин, акыл

көрөңгөсүн ал эл үчүн кызмат кылууга арнаган. Балким ырдын тизгинин кармап, адабият ааламына кеткенде андан далай мыкты ырлар жаралмак. 37 гана жашында ааламдан өткөнү да армандай сезилет. Ошентсе да анын ырлары окурманды кайдыгер калтырбайт.

Жарыкка чыкпай калган кол жазмаларынын сакталып калышы өтө жакшы иш. Артында калган мурастары болгон чыгармаларын аз болсо да аздектеп жарыкка чыгарып, элге жеткирүү кичүү муундун ыйык милдети. Ошонун жүгүн көтөргөн азаматтарга рахмат айтуу парз. «Өлгөндөр баркталмайынча, тирүүлөр даңкталбайт» деген сөз ошондон калса керек. Демек, бул ыр жыйнак кеч болсо да, бир тамчы  дат баспаган алтындай элдин колуна  кайрадан тийгени кут болсун.

**Бактыгүл ЧОТУРОВА,**
акын, Алыкул Осмонов атындагы
адабий сыйлыктын лауреаты

# АБДЫЛДА ЖОЛДОШЕВ

Жолдошев Абдылда 1915-жылы, 17-декабрда Туркестан губерниясынын, Фергана областындагы, Наманган уездинин, Кырк-Уул волостуна караштуу Сөгөт кыштагында туулган.

1925-жылы азыркы Аксы районундагы Ак-Суу айылындагы мектеп-интернатка барып окуйт, аны 1931-жылы бүтүрүп чыгат.

1931-1934-жылдары Бишкек (мурдагы Фрунзе) шаарындагы педагогикалык техникумду окуп бүтүп, жолдомо менен «Кызыл Кыргызстан» газетасына кабарчы катары кызматка жөнөтүлөт. «Кызыл Кыргызстан» газетасында өзүнүн ырларын, курч жазылган макалаларын үзбөй берип турду.

1937-жылы алгачкы жолу «Толкундар учкуну» аттуу ырлар жыйнагын чыгарат. Жыйнактын башкы редактору кыргыздын классик акыны, улуттук

жазма адабиятыбызды негиздегендердин бири Жоомарт Боконбаев болгон. Бул жыйнакта эркиндик, теңдик, эмгекчил эл жөнүндө ырлары топтолгон.

1937-жылы, октябрда Кызыл Армиянын катарына чакырылып, РСФСРдын, Амур областына караштуу Поярков шаарында РККАнын 69 СД, 8 СП полкунда курсант, кийин кичи командир катары аскердик милдетин өтөйт. 1940-жылы, октябрь айында өз жерине кайтып келген.

1940-1942-жылдары «Кызыл Кыргызстан» газетасынын Жалалабат, Ош областтары боюнча адабий кызматкери жана атайын корреспондент болуп эмгектенет. «Кызыл Кьргызстан» эмгек жааматы Абдылда Жолдошевдин эмгегин баалашып, аны коммунисттик партиянын катарына мүчөлүккө көрсөтүшөт. Ал Фрунзе шаарынын, Биринчи Май райондук комитетин чечими боюнча 1941-жылы августа КП(б) катарына кабыл алат да, №351995 номерлүү партиялык китепчеге ээ болот. 1942-жылдын июнь-ноябрь айларында Таш-Көмүр райком партиясында үгүт-насаат бөлүмүндө инструктор болуп иштейт.

1942-жылы өзүнүн арызы менен Улуу Ата Мекендик согушка аттанат. Ленинград фронтунун, 25-аткычтар дивиясынын катарында болуп, Ленинград шаарын блокада мезгилинде коргоого катышат. Кийин I-чи Украина фронтунун батареясынын старшинасы катары, Польшаны, Венгрияны, Чехословакияны бошотууга катышат. Кандуу майданда кужүрмөн баракчаларды таратып, солдаттардын духун көтөрүп, саясий иштерди жүргүзөт. 1945-жылы 2-майда Берлинди алганга катышат да, жеңишти 9-майда Прага шаарында тосот. Мамлекет согуштагы эмгегин баалап, Абдылда Жолдошевди СССР Жогорку Советинин Президиумунун чечими менен Берлиндин аймагындагы күрөшү үчүн – «За боевые заслуги», Берлинди алгандыгы үчүн – «За взятие Берлина», согуштагы кужүрмөн күрөшү үчүн – «Победа над Германией», согуш күндөрүндөгү эрдик эмгеги үчүн – «За доблестный труд» медалдары менен сыйлаган.

1946-жылдан баштап Жаңы-Жол райондук партия комитетинин үгүт-насаат бөлүм башчысы болуп иштеп туруп, 1948-жылы Республикалык жогорку

партиялык мектептин орус тобун артыкчылык диплому менен бүтүрөт.

Окууну аяктаган соң Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети тарабынан Жалал-Абад областынын «Большевиктик жол» газетасынын редакторлук кызматына жиберилет. Курч макалалар аркылуу, областа болуп жаткан көптөгөн терс көрүнүштөрдү сынга алат. Коомдогу терс көрүнүштөрдү жаап-жашырып келишкен партаппаратчиктер кара өзгөйлүк, көрө албастык менен, жогорку кызматтагылар аркылуу катуу кысымга алышат.

Абдылда Жолдошевди «улутчул», партияга өтүп жатып өз ата-тегин жашырган, «корбашы-басмачынын» кызына үйлөнгөн деген негизсиз айыптарды коюшуп, кызматынан бошотушкан. Ал Кыргызстан КП (б) Борбордук Комитетинин секретары жолдош И. Р. Раззаковго кат менен кайрылат, бирок каты жоопсуз калат.

1952-жылдын декабрь айында, катуу кысымдын коруна ууланып, 37 жаш курагында өмүрү кыйылган.

Бирок тарых эч качан жаңылбайт, ал эртедир-кечтир бардыгын өз орду-

на коёт. Учурда Аксы эли мындай чыгаан уулунун жаркын атын кийинки муундарга унуттурбай калтырыш максатында Абдылда Жолдошевдин ысмы Ак-Жол айылындагы мектепке коюлду. Анын жаркын элеси айылдаштарынын жүрөгүндө кала берет.

**Жакыпбек ЖОЛДОШЕВ,**
инизи

# ЫРЛАР



## БЕРЛИНГЕ ЖЕТТИМ

Аттаныып Азиядан чыккан күндөн,
Алыстап сапар тартып узап кеттим.
Акыры тилек кабыл болгон экен,
Алыскы Берлинге мен бүгүн жеттим.

*22-апрель, 1945-жыл,*
*Берлин шаары*

## БЕЙ ТААНЫШ ЭКИ ЖАШТЫН СҮРӨТҮНӨ

Кучакташып жыргашкан бул эки жаш,
Турмуш түйүнүн бирдикте чечти бекен?
Же болбосо турмушка жеңил карап,
Мүнөттүк кызыктыкка кетти бекен?

Сулуу турат күлүмсүрөп жалбарып,
Жигит турат «сен үчүн бир мен карып».
Бул экөө чын сүйүшүшүп өмүрдө,
Турмуш курса болбос эле эч арман.

*Чехословакия.*
*Элбадагы Костильнец шары.*
*Май, 1945 жыл.*

## СҮРӨТҮН БЕРГЕН НЕМКАГА

Колумда каруу жарак айбат менен,
Берлинге Азиядан келген элем.
Өмүрдүн отуз жашы өкүм сүрүп,
Турганда туш келгеним ушул белең!

Чиркин ай жалгыз гана бул эмес го,
Эчени мындайлардын түштү «торго».
«Ардактуу» бул улуттун келин кызы,
Кыргыздын балдарына көр болду го.

Бирок бул музоо кирпик жаш Грета,
Зордукка, зомбулукка жемиш делет...
Сүрөтүн эскерме үчүн өзү берди,
Адирес, «кат жазгын» – дейт
немисчелеп.

Грета менден кичүү так он жашар,
Ким билет?! Мени «алдайм» – деп
жүргөн чыгар.
Кат алып кат жазармын согуш бүтсө,
Келечек кимдин кимин тааныштырар.

*Берлин.*
*Май, 1945 жыл.*

## ТУРМУШТУН ТААСИРИ МЕНЕН

Ай жылдызды асмандагы багынтат,
Адамзаттан иле качып кутулбайт.
Өжөрлүү жан окумуштуу адамдар,
Өмүр боюу акылдуулар кор кылбайт.
Эр эмгегин баалашаттыр билгендер,
Өмүрдө өчпөс улуу эмгектер зор кымбат.
Бирок чиркин адам айга жетсе да,
Ыраазы эмес «кемчилмин» – деп
муң муңдайт.

Эч бир эл жок кедей шаасы болбогон,
Жан көрбөдүм төрт түлүгү бүт толгон.
Туруктуу эр кыраан шумкар болсо да,
Өз эли үчүн жалгыз болбойт чеп коргон.

Миллиондордун канышаасы бир күнү,
Көңүлү шат «кемчилик жок түк» –
деген.
Ошол күнү канга аш кылган тузу жок,
Деген бир сөз чыгып кеткен чеченден:
«Кемибестен бир татым туз кемиген.
Ошол күндөн бери тарта бул күнгө,
Элде айтылган «Бири кем дүйнө»
делинген.

2–1232

Үстүңдө үйүң асемделип салынса,
Астыңда ашың, казаныңда кайнаса,
Сүйүп алган сулуу жарың буралып
Шайы-шалпар төшөгүңдө бир жатса.
Кийген киймиң торко болсо жарашкан,
Минген атың жорго, жолдо баратса.
Бирөөгө сен «кемчилмин»-деп барбасаң,
Сурап буюм, ийне жибин албасаң.
Кемчилик жок жыргап канча жатсаң да,
Эч болбосо сенде болот бир арман.

*1946 жыл*

## ПРАГА ЖОЛУНДА

Прага кууп душманын,
Жардамга мени чакырып.
Прагага Берлинден,
Бара жаттым шашылып.

Иреңи суук боз үйлөр,
Калып жатты артымда.
Сааттар өтүп, күн өтүп,
Жеттим мен чех калкына.

Кары дебей, жаш дебей,
Той кийимин кийинген.
Көрүп бизди кыйкырып,
«Наздаар» дешип сүйүнгөн.

Согуш бүтүп даңк менен,
Өз айлыма келгенсийм.
Кары чех колум кармаса,
Атама колум бергенсийм.

Энемдей болгон кемпирлер,
Бетимден мени өбүшөт.
Кубангандан ыйлашат,
Көзүнөн жашын төгүшөт.

Токтосо биздин машина,
Той болгондой кубаныч.
Гармон менен мандолин,
Ойнолот танца, баары – «жынс».

Ыргытат гүлдөр сулуулар,
Жол жүрүп бара жатканда.
Тек гана жыргал келгенсийт,
Өзүнчө кирип жаш жанча.

– Таң, тамаша элиме,
Силер алып келдиңер.
Кетбеген кекти душмандан,
Силер алып бердиңер.

«– Ай живи вилик Сталин,
деп кыйкырат чех карты.
Ыракматын жаадырат,
Бир тууган улуу чех калкы.

Убакыт жок туруууга,
Шашылып улуу сапарга,
Коштоштук кары-жаш менен,
Барчу жер биздин Прага.

*Млада-Болеслав шаары.*
*6 май, 1945 жыл.*

## ЧЕХ КЫЗЫНА

Апсалдуу окту жаадырып,
Багынбаган душманга,
Бара жаткан кезимде,
Гүл бердиң асыл сен мага.

Колго алдым берген гүлүңдү,
Таанышууга кол тийбей,
«Прага кайда?» – сурадым,
Менин тилим сен билбей.

«Прага» деген сөзүмдөн,
Сураганым байкадың.
Сезимге түрткү сен берип,
Күлүмсүрөй жаңсадың.

Коштошуп жөнөй берерде,
Колумду кыса кармадың.
Согуш бүтсө, соо болсом,
Кайрылып сага бармакмын.

*Чехословакия, Мимон шаары.*
*Май, 1945 жыл.*

## БАЛАТОН КӨЛҮНӨ

Көп күндөрү сенин жээгиң,
Көп канымды шимирди.
Көрктүү фюред бир бурчунда,
Кетирмекмин киримди.

Сага өмүрүн зарп кылгандар,
Жатат уктап түбөлүк.
Шейиттерди эсте туткун,
Сен калганча түгөнүп.

Кан агызып-жан аябай,
Качпай кыйын, салышты.
Каруу жарак кармаган жан,
Кайраттанды качышты.

Апка, Палан, Веспремде,
Ага-инилер калышты.
Алтын эрлер жанын берди,
Алдырбады намысты.

Топалчаңда турмуштун суз,
Калдыктары калыптыр.
Замбиректин снаряды,
Кыйын бүлүк салыптыр.

Мындай кандуу окуяны,
Көрсөң керек бир далай.
Ошентсе да сен жатасың,
Өзгөрбөй же картайбай.

Тыптынч жатпай сен мелтиреп.
Биздин күчтү баянда.
Акыйкаттуу саясатты,
Билсин-кары, жаштар да.

*Венгрия, Балатон көлү.*
*1945 жыл.*

## ЭЭ БОЛГУН БИЛИМГЕ

Турмуштун түйүндөрү көптү кыйнайт,
Көп адам кыйналса да, жанын кыйбайт.
Үмүтү келечектен Ала-Тоодой,
«Бактымды ач» – деп олтуруп күн-түн
ыйлайт.
Кайратсыз жардам суроо алда кимден,
Өмүрдө мындай адам түк жыргабайт.

Тагдырда туулмак бар, өлмөк да бар,
Адамга тагдыр жолу кең эмес тар.
Адамзат бизден мурун өмүр сүргөн,
«Тагдырдын тар жолунда көп азаптар»
деп кеткен.
Терең түшүн бул сүйлөмгө,
Келечек силердики азаматтар.

Кеңитсе тар жолдорун тагдырымдын,
Кенч-элдин, таалай үчүн, кыйып жанын.
Ошондой эр жигитке ыраазы болуп,
Билишет калайык-калк, эр кадырын.
Кеңибейт тагдыр жолун билек күчкө,
Кең ойлон, келечектин бил тамырын.

Тагдырдын тар жолдорун кеңитүүгө,
Негиздеп таянгынын сен билимге.
Билектин күчү сага күндүк тамак,
Жеңесиң болгон болсоң билимге ээ.
«Билектүү бирди жыгат,
билимдүү миң».
Деп айткан бир сөз бар го биздин элде.

*1945 жыл.*

## ЖЕҢИШ ТОЮ КЕЗИНДЕ

Барчы дейт дүйнө жүзүнө,
Жеңиштин күүсү замбирек.
«Согуш бүттү биз жеңдик»,
дегенсип шаңдуу үн берет.

Жаз желине кошулуп,
Коңгуроодой заңгырап,
Замбирек үнү судеттин,
Тоолорун шаңдап жаңыртат.

Согуш бүтүп, биз жеңдик.
Кубаныч кимде болбоду!?
Дүйнөдөгү адамзат,
Жеңиштин тоюн тойлоду.

Элбада жүргөн чабактар,
Булар да тойду тойлошот.
Күнгө боорун чагылтып,
Күмүштөй, күлүп ойношот.

Тянь-Шанга окшотом,
Судеттин кырка тоолорун.
Тегенеге окшотом,
Судеттин түздүк коолорун.

Акжолтой болуп тез акпай,
Элба жатат жай агып.
Чех калкынын үйүнө,
Электрден шам жагып.

Өмүрдө бир да көрбөгөн,
Адамдар мага келишет!
Бир тууган же уулундай,
Сурашып колун беришет.

Кемпир, чалы чехтердин,
Конокко жүр – деп чакырат.
Келини, кызы чехтердин,
Колтуктап мени шаштырат.

Жүр дешет. Кайда? Ким билет,
Киногобу, тойгобу.
Дүнүйөң түгөл болгонсуйт,
Күндөр келип ойдогу.

– Айт уулум сапар жолуңду,
Ага-иниң жомок кылышсың,–
дейт кары чех атамдай,
– Чырагы сенсиң жеңиштин.

Айланамда кара көз,
Келин-кыздар жоодурап,
«Эмине дейт» – дегенсип,
Мени карап олтурат.

Баяндайм чехтин калкына,
Балдардын салган кыргынын.
Баатыр уулун мактаймын,
Баласын тоолуу кыргыздын.

Кан аккан суудай кыргынды,
Калк укту кулак салышып.
Күкүктөй болуп тил сайрап,
Калгансыйт көңүл табышып.

Берлинде болгон жеңишти,
Безенсем чехтер кубанат,
Бергенсип мен бактыны,
Берендей көрүп жубанат.

Май жели сылап, аймалап,
Магдыратты адамды.
Манасты билет чех калкы,
Миңдерге тийген пайдасы.

Судеттин тоосу, чокусу,
Сурданып карайт батышка.
Сулуусу жердин соорусу,
Суктантат жанды болмушка.

– Алты жыл күттүк силерди,
Акыры тилек келгени.

Алкымдан жоолор кысса да,
Алданбады чех эли.
Деп баяндайт чех карты,
Көргөнүн мага айтышат.
Кордукту көргөн кемпир-чал,
Көзгө жаш алып бышактап.

– Кекти алдык, кекчил душмандан,
Келбейт азап ал кайта,–
деп айтам кайрат жашыкка,
Көтөрүп, көөнүн жубантып.

Көп убакыт өткөн соң,
Коштоштум кары-жаш менен,
Оюума түштү убада,
Бүтүп согуш жеңгенде.
«Согуш бүтсө, соо болсом,
Келем» – деп убада мен бергем.
Чех кызы мага жалбарган,
Эсиме түштү гүл берген.

Зымырылды машина,
Явлони – деген шаарга.
Кубаныч батбай койнума,
Бараттым-сүйүү-сапарга.

*Чехословакия. Явлони шаары.*
*Май 1945 жыл.*

## БЕЙ ТААНЫШКА ЧЕТТЕН КАТ

Өмүрү көрбөй өзүңдү,
Кат менен келди таанышкым.
Капа болбой, жаратсаң,
Кат аркалуу тааныштым.

Адиресиң мен таптым,
Адиресим катта бар.
Адамды көпкө күттүрбөй,
Катты алсаң-жибер, кат кабар.

Табийгаттын кырсыгы,
Таалайга каршы турбаса.
Тагдырды кошуп бир жерге,
Таалайлуу жаштар жыргаса.
Зыпылдап учкан өмүрдүн,
Секунду текке кетпесе.
Кадырлашсак, сыйлашсак,
Кат менен. Элге жеткенде.

Турагым чет эл, башка жер,
Жетсем дейм өскөн элиме.
Таалайым мени жибербей,
Окшошпойт  жат жер, жериме.
Кубантчы көңүл көтөрчү,
Кат жеткис жерде жүргөндө.

Эч болбосо мендейди,
Окшотчу өзүң сүйгөнгө.

Орой сөз катта көп кетсе,
Кечирип кой сүйгөнчүк.
Жараланган жүрөктү,
Жооп берчи, сүйүнтүп.

Сизге арнап жазган саламды,
Тийсин-деп сизге жибердим.
Тосуп ал! Жооп күтөмүн,
Таанышсам-деген тилегим.

*Германия. Циттау шаары.*
*Июнь, 1945 жыл.*

## БИРГЕ ТЕПСЕК СЕЛКИНЧЕК

Түзүндө турган жаңакка,
Селкинчек салдык бир тептик.
Кундуздай болгон саамайың,
Салкын желге селт этет.
Найдай болгон назикти,
Кыл аркан, жаңгак терметип.

Күүлөнүп келип буралсаң,
Ичке белиң бир тутам.
Каралдым сени көргөндө,
Сүйүүнүн отун мен жуткам.
Уктуң бекен ошондо,
Эңсегем сени ултунгам.

Күүлөнүп барып үзүп шак,
Камчы деп бердиң жалбырак.
Ошол күндүн эртеси,
Тарткамын сапар мен узак.
Ойлоном сендей асылды,
Ойго түшпөй башка зат.

Берген камчың жалбырак,
Бейиштин гүлү-гүлбурак.
Көңүлдөн кетбей элесиң,

Күнүгө келет үч-убак.
Капа болуп турганда,
Эске түшсөң көңүл шат.

Сен берген камчы-жалбырак,
Болоттон өткүр болгон чак.
Шилтегенде душмандар,
Алдымда турар жалдырап.
Көз карашың көркөмдүү,
Көңүлүмдө асыл зат.

Ошол күн кетпейт эсимден,
Асыл баш аман турганда.
Жоону жеңип келгенче,
Унутбассың мени да.
Жеңип келип душманды,
Селкинчек салса жаңгакка.

Бирге тепсек селкинчек,
Кыл аркан жаңак терметсе.
Ойдогудай иш болуп,
Ойлондурчу чер кетсе.
Ойлоп жүргөн максатка,
Ойноп күлүп эр жетсе.

3–1232

## ЧЫДАЙ ТУР

Жаштыктын доорун өткөргөн,
Жерим калды алыста.
Жигиттер кетип майданга,
Элим калды алыста.

Кайраттанган кайтадан,
Чалдар калды элимде.
Кулунчакты ат кылган,
Балдар калды элимде.

Ийнеге көзү жетпеген,
Кемпир калды элимде.
Ийилген чыбык-жаш талдай,
Келин калды элимде.

Алмасы бышкан төшүндө,
Фанардын оту көзүндө.
Жалооруп жанды жыргаткан,
Кыздар калды элимде.

Таалайы үчүн булардын,
Жигиттер жүрөт майданда.
Кубанат кемпир-чалдары,
Жигиттер жоону сайганга.

«Таалайым болсо жоо жеңип,
Сүйгөнүм бозой келсе экен»
– деген улуу тилекте,
Бозоюн келин эңсеген.

Бир азга чыда жаш келин,
Жоону жеңсин бозоюң.
Аткарылар барганда,
Эңсеген сенин бүт оюң.

## ЖИГИТКЕ

Турмуштун түйүндөрүн албай эске,
Жаштыктын балын соруп жыргаар
кезде.
Ажырап сүйгөнүңдөн күнүмдүккө,
Кезиктиң кан төгүлгөн оор күнгө.

Жүк түштү ушул башка элим үчүн,
Жумшагын денеңдеги бардык күчтү.
Талыкпай, кажыбастан көтөрмөксүң,
Бир десе, кете бермек, тулкуң бүтүн.

Эр жигит камыраба-камсанаба,
Эл үчүн башка түшкөн жабырлыкка.
Эл үчүн эрдигиңди аябасаң,
Өз элиң ээ кылар, өчпөс даңка.

## ЭЛДИ, ЖЕРДИ САГЫНДЫМ

Көрүнөт экен башкача,
Баарынан артык өскөн жер.
Муздантканснйт денени,
Жеримден жүргөн керимсел.

Агын сууга алмашкыз,
Шор да болсо булагы.
Асылдан артык көрүнөт.
Ар кимдин өскөн турагы.

Көлөкө майдан көрүнөт,
Жок болсо да дарагы.
Сүйгүнчүктүү сезилет,
Өскөн эрдин таалайы.

Кууураган чөбү жеримдин,
Элестейт көзгө шибердей.
Барсам деймин ойлоном,
Бак -таалай турат жибербей.

Жүрсөм да бакта таңды кеч,
Шибери турган кулпуруп.
Эсимден кетпейт өскөн жер,
Сагындым жерди ултунуп.

Түн уйкусун үч бөлгөн,
Кемпири сонун элимдин.
Жаш жигитти «түнөткөн»
Келини сонун элимдин.

Колхозуна иштеген,
Чалдары сонун элимдин.
Кулунчакты ат  кылган,
Балдары сонун элимдин.

Кыздары сулуу элимдин,
Упа-эндиги жок туруп.
Сулуулар менен жүрсөм да,
Сагындым элди ултунуп.

## ТҮНӨТКӨНГӨ

Сен дегенде жалындады жүрөгүм,
Сен деп жүрүп далай түндү күзөттүм.
Акырында айтканымды эп көрүп,
Айлуу түндө төшүгүңө түнөттүң.
Сени билбейм, менин чыкпайт эсимден,
Ай гана эмес, ондой, жүздөй жыл өтсүн.

## КЫЯЛ МЕНЕН

Оң бутумдан айрылып,
Жыгачтан таяк таянсам.
Сол колум ишке жарабай,
Сагынган элге баратсам.
Эл үчүн тартып азапты,
Арыктасам шапайып.
Запкысынан азаптын,
Иреңим бүтсө картайып.
Кундуздай кара чачтарым,
Кагаздай болуп агарса.
Таанып бекен келиндер,
Капилеттен карашса?

## ТИЛЕК

Балырлуу Ак-Жол суусуна,
Бетимди жубар бекенмин.
Берекелүү жериме,
Эстелик курар бекемин.

Тегененин-салкын жел,
Муздатар бекен денемди.
Аман-эсен мен барып,
Көрөр бекем элимди.

## КАТЕЛОК

Походдо жеңил, чакатай,
Жагымдуусуң кателок.
Башка жарак катары,
Кадырлуусуң кателок.

Походдо солдат чаңкаса,
Суу сүзүп ичет өзүңө.
Сүйкүмдүү болуп солдаттын,
Көрүнөсүң көзүнө.

Душманды кууп баратса,
Жүрөсүң солдат жонунда.
Дем алыш боло калганда,
Жүрөсүң солдат колунда.

Асылып эки жыгачка,
Түбүңө күйсө от-жалын,
Ичинде сууң кайнаса,
Солдатка ботkoң дап-дайын.

Майлуу ботkoң, кателок,
Солдатка кубат-дем берет.
«Карды токто кайгы жок»
Душманын солдат бүт жеңмек.

Бүткөнчө согуш кателок,
Далай жыл-сапар-тартарсың.
Солдат менен бир болсоң,
Берлинге барып кайтарсың.

Тазалаган кирдетпей,
Солдаттын тиле өмүрүн.
Согуш бүтсө кателок
Кетер көөң, көмүрүң.

Складда турарсың,
Эмалданып, сырдалып.
Далай жыл алып жүрсө да,
Таанныбас солдат таңданып.

## АЖАЛДЫ АЛДАП ЖАТАМЫН

Ар-намыс үчүн, айлымдан,
Аттанып чыктым жол тартып.
Алдымда турган ажалга,
Айбыкбай бардым мен басып.

Ажалдын жеңдим азабын,
Намысты тутуп арбаштым.
Ар-намыс жеңип ажалды,
Душманым менен кармаштым.

Кармашкан жоону жеңүүгө,
Күнү-түнү тынбадым.
Күч кетирип эл үчүн,
Эмнелерди кылбадым!?

Чом токундум жонума,
Жоор болгон торудай.
Өйкөттүм бутту чокойго,
Тамтаңдап басып-жоорудай.

Май полпоч болуп өскөн жан,
Походдо чарчап кыйналды.
Кымызды суудай шимирген,
Тил оозго сыйбады.

Чаңкадым, көп күн чаалыктым,
Ажалдын тарттым азабын.
Аз-аздай жүрүп олтуруп,
Ажалдын таптым айласын.

Жооркелдин жонунда,
Чомго көндү омурткам.
Чокойго бутум өйкөлбөйт,
Бутум эми чөнуккан.

Майполбоч болуп өскөн жан,
Походго да чыдамдуу.
Ындынымдагы эңсебейт,
Кымыз эмес кара суу.

Бат чаалыкчу жаным жок,
Сууган аттай кезегим.
Элиме, ажал жиберген,
Душманды куусам жетемин.

Душмандын мага жиберген,
Ажалдын таптым аргасын.
Ар-намыс мага үйрөттү,
Ажалды жеңип айласын:

«Согушта жүрсөң олдоксон,
Ажалга жолдош болгонуң.

Алдагың келсе ажалды,
Абайлап дениң коргогун.

Ажал алып келген ок,
Каскага тийип болсун жок.
Үйрөнгүн жаңы жүрүштү,
Жыландай болуп жер сойлоп.

Абайлай кара алдыңды,
Ажал-ок, кайдан чыкканын.
Аныгын билип, аптыкпай,
Ажалды анан ныптагын.

Ажалда токсон айла бар,
Алганың болуп көрүнөт.
Ата-энең болуп кээ кезде,
Көзүнөн жашы төгүлөт.

Алган жар деп ойлосоң,
Ата-энем деп ишенсең.
Өмүрү башың бошобойт,
Ажал салган кишенден.

Сүйгөнүң болуп буластап,
Алдыңдан чыгат кээ бирде.
Сүйдүм деп алып жатарда,
Канжар ойнор дениңе.

Бал тилин салып дос болот,
«Жакшылыгыӊ унутпайм,
Өлсөм өлөм сен үчүн,
Жамандыкты түк кылбайм».

Ишенсеӊ мындай бал тилге,
Түшүӊ эмес өӊүн да.
Түшкөнүӊ ошол чыга алгыс,
Ажалдын бекем торуна.

Айтканыӊды аткарып,
Иниӊден артык көрүнөт.
Ишенсеӊ иним экен-деп,
Көзүӊдөн жашыӊ төгүлөт.

Ажалдын миӊ түр аргасын,
Өнөрүӊ менен чече бил.
Ажалды алдап,касты жеӊ,
Айтканым ушул тилге кир.

Ар-намыстын айтканын,
Акыл көрдүм аткардым.
Душманды кууй жеримден,
Ажалды алдай жатамын.

*1944 жыл.*

## БААРЫН БЕРЕТ

Аңкыган, ок дарынын жыты каптап,
Баскансыйт бардык жакты ысык аптап.
Снаряд замбиректен чыгар замат,
Адамга алда кандай үн угулат.

Талкандайт ондогонду ал снаряд,
Онтогон, оруксунган үн угулат.
Токойдо жыгачтардын баркин кыркат,
Кээ бирде сотосуна бүт жыгылат.

Үндөрү моторлордун тырылдаган,
Баяндайт: тирүү калбайт кыбыраган.
Каптаган дүйнө жүзүн согуш оту,
Жалындайт жердин бети жана да асман.

Жерде да, асманда да өрт, жалын, чөп,
Жер, асман, деңизде да аяшмай жок.
Эки жоо бири-бирине айыгышкан,
Жумшашат бири-бирине эсепсиз ок.

Мындайда ким чыдамдуу-ошол жеңет,
Мындайда туруктуулук абдан керек.
Коркоктор, алаңгазар, шашылмалар,
Душмандын огун жебей жанын берет.

Окко да, жалынга да чымырканган,
Душмандын жалынына атырылган.
Туруктуу, коркпой, сүрдүү түрү менен,
Душмандын кошунуна бүлүк салган.

Уулуна Алтын элим баарын берет!
Тыбыттан байпак жасап, кылып белек.
Ардактап армияны сүйгөн элим,
Фуфайка, пакталуу шым да жиберет.

Кол капты кой жүнүнөн жасап жеңем,
Белек деп баатыр үчүн белендеген.
Ызгаардуу, ышкырыктуу бороондордо,
Согушта баатырлардын камын жеген.

Ичигин, кара көрпө абам берген,
Кайраттуу баатыр иним кийсин-деген.
Даңк, атак ошолорго! Суукtарда,
Күрөшкөн жан аябай душман менен.

Миңдеген, миллиондогон мындай белек,
Күнүнө өлчөмү жок агып келет.
Фронтто баатырларга, күжүрмөнгө,
Алтын эл керек десе баарын берет.

4–1232

## ЖАЛПАК-ТАШКА

Эңсеген Кадыркулдун жери экенсиң,
Эңсетип сагынтарсың эчендерин.
Эр жигит сендеги өскөн бак-таалайлуу,
Элдерин коргоп жүрөт четинде элдин.

Алчаңдын кооздугу даамы дагы,
Адамдын көңүлүн ачып жан сергитет.
Көргөндүн көзүн арбап суктандырат,
Эңсетип эр жигитти «эх!» дегизет.

Алмаң бар ачкыл, таттуу ар даамдуу,
Бейиштин берекелүү тамагындай.
Жаңгагың кереметтүү бир башкача,
Каңгаты, кең Аркыттын жаңагындай.

Эзилип бышып турган өрүктөрүң,
Таткандын тилин тартат тамагына.
Келин кыз, кемпир, чалдар жыргайт
жайда,
Мас болуп чие, өрүгүң шарабына.

Көлөкөң көргөн жанды чакыргансыйт,
«Келгин» – деп меймандостун
көрпөсүндөй.

Аптаптын ысыгы өтпөйт жалбырактан,
Болсо да сен Жалпак-Таш бетиң күңгөй.

Алмаңдан, алчаңдан да өрүгүңдөн,
Как кургат Кадыркулдай уулуңа арнап.
Келгенде жоону жеңип уулдарың,
Кактарга кошуп жешсин майлуу жаңак.

Жай келсе көлөкөңдө дем алышсын,
Көрпөдөй көк чөптөрдү уйпалантпа.
Баатырлар жоону жоюп кайрылышат,
Тосуп ал эми келчү сонун жазда.

## ГҮЛСТАН ЭЛ

Гүлстан эл сен бир чынар багжайган,
Мен чырпыгың сенден өскөн буралган.
Гүлүстан эл сен бир арыстан кардуу,
Мен тырмагың октон, оттон качпаган.
Тайманбасмын, башкакбасмын барармын,
Душманыңа өзүң мени жумшасаң.

Тарбиялай таасир берип сезимге,
Сен буралып гүлдөп турган кезиңде.
Булбул болдум бутагыңда сайрадым,
Азыр жүрөм коруп сени, четиңде.

Сен болотсуң душман огу буза алгыс,
Сен шумкарсың душман чыдап
тура алгыс.
Каардансаң кара жерди силкинтип,
Өнөрүңө душмандарың чыдагыс.

Кош Гүлстан, элим аман калгыла,
Кош Гүлстан, жерим күлдөй тургула.
Мен өлбөсөм бүлүк салам душманга,
Каза тапсам кабак салып кайгырба,
«Чырпык сынса чынар болбос ал кайта».

## САЛАМ КАТ

Кагаз түтүп карандашка боёлот,
«Карындашым» сизге арнап кат жазсам.
Кол бере албайм, жүрөк чиркин тынч
койбойт,
Алыстагы сүйгөнүңдөн ал салам.

Катыңды алдым карындашым-
Кымбатым,
Окуп катың, элестетем сымбатың.
Эгер катта жазылгандар чын болсо,
Ак ниетим менделиңди сыйладың.

Ишеничтүү бардык болгон көңүлгө,
Катың сонун, кайра барып өзүңө.
Так сиз менен секундуна бөлүнбөй,
Бирге жүрсөм деген тилек көңүлдө.

Эгер сиздин тилек каршы болбосо,
Түбөлүккө орундалмак биздин ой.
Элге каршы бузук душман болбосо,
Эчак эле бизге арналып түшмөк той.

Ажыраштык мен фронтто жүрөмүн,
Жылдар өттү, айлар өттү, сааттар.
Көңүл чиркин, көп убакыт өткөнгө,
Ишене албай, жазган элем көп каттар.

Сырдуу каттар сизден дагы көп келди,
Жаш жүрөктү эчен ирет дегдетти.
Бир катында жалындатып жүрөктү,
Бир катында четке кагып тилекти.

Убактылуу дары болуп катыңыз,
Жооткотот, жокту таап алгансыйм.
Катыңызды окуп жаткан кезимде,
Кубангандан сизге барып калгансыйм.

Бирок жоксуз, эрмек болор эмессиз,
Эмгектенип элде жүргөн кезимде.
Из калтырып көңүл ойго түбөлүк,
Күндө үч убак таасир берип сезимге.

Аз-аз күндө мен да барып калармын,
Күдөр үзүп көңүл коштук кылбаңыз.
Коштошкон биз кайра дагы  кошулуп,
Турмуш гүлүн обон салып ырдарбыз.

## КЕСТИК

*Болоттон жасайт кестикти,*
*Келиштирип усталар.*
*Жаратам-деп-керекке,*
*Эбин табкан эр алар.*

(Уста Ырысбайдан)

Кыйгачтын кыраңында турган арча,
Устага көмүрлүккө керек болду.
Карт арча, курч боллоттун күчү Мекен,
Кесилди-кыраңчадан омкорулду.
Эңсеген карт Устанын Моокун баскан,
Карт арча кара Макмал Көмүр болду.

Көрүкчү өз ишине кубангандай,
Эки кол алмак-салмак, оңду-солду.
Үйлөттү Көрүк отун дуулдата,
Көмүрү карт арчанын алоолонду.
Көмүркөйдө бааланбай жаткан болот,
Кызарды, кызыктырды балбан колду.

Устанын балбан колу кызыгандан,
Дөшүнү жерге коюп, балканы алды.
Кызарган курч-болоттон келиштирип,
Ал чебер бир кестикти жасай салды.
Курчтугу түбөлүккө кайтпасын-деп,

Сугарсам жашык болуп калбасын деп.
Кызартты, кызыл учкун чыкканчакты,
Муздатты; анан барып сууга салды.
Саптайм-деп бул кестикти келиштирип,
Жапайы  тоо текенин мүйүзүн алды.
Мүйүздү келиштирип жонду кести,
Толтосун бул кестиктин асемдеди.

Устанын дүкөнүндө отургандар,
Кеситикти «Мага бер» – деп
талашышты.
Отурган көпчүлүктү карабастан,
Өнөрү жок деп айтты-чайкап башты.

Ме – деди – жетимчегим сага тартуу,
Эскермем ушул болсун сендей жашка.
Эмгегимди баалагын жеткинчегим,
Кылдым мен күч коротуп карыганда.
Алып жүр жоготпостон белегимди,
Байланып  кылыч өңдүү – сол
жамбашка.

## КЕЗИГИШСЕК КАЙТАДАН

Бирге жүрдүк, бир күлдүк,
Айлар жылдар, апталар.
Ажырашар күн жетти,
Жоого каршы аттанар...

Келечектин сыры терең,
Түпсүз көлдөй мелтирейт...
Ажал каптап жердин жүзүн,
Көр ооз ачып-келчи-дейт.

Баскан изди бир кезекте,
Кайра басуу кыйла иш.
Так ошондой кезигишүү,
Бул кезекте белгисиз.

Мүмкүн дагы көрүшөрбүз,
Кол кысыша кармашып.
Баштап өткөн окуяны,
Баяндаша, бир басып...

* * *

Касты жеңип тууган элге,
Кайра келип кездешсек.
Кайың-талдын арасында,
Кайгы муңсуз сыр-чечсек.

Сүйгөн жарлар кымыз куйса,
Биз олтурсак чатырда.
Чертсе чертмек Бекбаев,
Канатбек ыр ырдаса.

Бердалиев жомок айтса,
Түн өтүп, таң атканча.
Темиркул  да селкиге арнап,
Сүйгүнчүктүү ыр жазса.

Ошол ырды оолжутуп,
Дадиш салса обонго.
Ыманалы, мен, Кадыркул,
Тажыбайлар да болсо.

Айтыкул, Анаш экөө,
Алым сабак ырдашса.
Айылдагы келин-кыздар,
Шыкаалашып-тыңшашса.

Ошол кече тойго айланса,
Тойду атасак жеңишке.
Жоону жеңген баатыр балдар,
Бири калбай келишсе.

* * *

Жетимче, он жаштагы жаш Анаркул,
Уста Ырысбай жасаган кестикти алды.
Кестиктин, өткүрлүгү, сулуулугу,
Жаш жүрөктү эргитти, кубандырды.
Ант берди жоготбоско бул кестикти,
Жаркылдатып томосун кынга салды.
Уста айткандай жамбашка тагып алды.

* * *

Согуш оту жалын чачып кокустан,
Жымыраган тынчтык кетти элимден.
Эр жигиттин бири болуп Анаркул,
Сапар тартты Күн батышка жеримден.
Болот кестик, кештеленген кайыш кын,
Түшкөнү жок мертикбеген белинен.
– Өтсө дагы так саналуу он беш жыл,
Жоготподум, жоготулбайт эскермең...
деп Анаркул берген антын эскерип,
Эсине алды эчак өлгөн устаны.
Көрүкчүнү көз алдына Анаркул,
Элестетти. Кестигине карады...

Батыштагы фронттун бир жеринде,
Өз милдетин тыкан гана аткарып,
Бастек бойлуу, курч кайратуу Анаркул,
Жүрдү кээде душманына ат салып.

Жалындаган командири бир күнү,
Анаркулга буйрук берди деп муну:
– Не кылсаң кыл, мынтык үнүн
чыгарба,
Из жашыргын душманга сыр алдырба.
Бизге тынчтык бербей жаткан
душмандын,
Снайперин жок кылууга көр чара.

– Жарайт! Жолдош Лейтенант –
орундалат,
Уруксатбы аткарууга буйрукту?!
– Ооба! Аткаргын; – деди дагы лейтенант,
Жарайт ишке дегендей карап турду.
Тыкан жана тез бурулду Анаркул,
Автоматын асынды да жол тартты.
Болот кестик мен жолдошмун-дегендей,
Көнүмүш курда, ал байлануу баратты.
Жүгүрбөдү, баскан да жок Анаркул,
Жер боортоктоп душманына бет алды.
Эмгектеген жаш баладай жөрмөлөй,
Бара жатып божомолдоп жол чалды.

## СҮЙҮШҮП, АЖЫРАШКАНГА

Айлуу түндө жалбарып «сүйөм» – дедиң,
Мен да «сүйөм» дегенге ишенбедиң.
Эркелешип эркелеп бирге жаттык,
Сен көрсөтүп мендейге «алма» бердиң.

Жок «алмаңды» бербедиң айнып кетип,
Сүйүнүн мына ошентип түбүнө жеттиң,
Мындан мурун миң жылдар
айтып кеткен,
Сөзүнө мен ишендим Руставелинин.

Ал китепте мындай дейт таап оку,
Эсиңде тут ар дайым мына ошону.
«Алыс жүр аялдардан колдон келсе,
Эмесе аял деген кыйын нерсе.
Бараткан ак жолуңдан адаштырат,
Эркектен амалдуурак кырк бир эсе.
Баарында жалган сүйүү ошондуктан,
Ишенбе: «Жалгыз сени сүйөм» десе.»
Бул сөздүн калети жок экөөбүз, үчүн,
Сүйүүнүн сен кетирдиң жылдык күчүн.

*Февраль 1946-жыл.*

## САГА

Күлгөнүң сонун муңайып,
Койбодум эстен чыгарып.
Оюмда дайым жүрөсүң,
Журөгүмдү кубантып.
Элжирейт жүрөк сиз үчүн,
Ойлоном сизди күнү түн.
Экөөбүз бир күн кошулуп,
Сүйүүнүн бассаң күйүтүн.
Ойлонбо аркы-беркини,
Жүрсөм да алыс мен деги,
Бузулбай дайым сакталар
Айткан бир антым сиздеги.

## БИЛИМ

Окуу билим өчпөй турган чырагы,
Түбөлүккө агызылган булагы.
Талыкпастан көп окучу эй балдар,
Болгон эмес мындай кылым убагы.

«Окуу, окуу жана окуу»,– деп айткан,
Улуу Ленин жол башчынын урааны.
Ошондуктан суудай аккан билимди,
Бош кетирбей билип, алып куралы.

Билим алып сайрасын тил булбулдай,
Билимдүү бол партиянын баскычы.
Убакытты бош кетирбей жумшайлы,
Билим, акыл адамзаттын ачкычы.

Ушул кезден окуп билим алалы,
Окугандан эч убакта талбайлы.
Ойлон балдар али биздин таалай чоң,
Бардык күчтү билим үчүн арнайлы.


Бул балалык бизде турбайт ар дайым,
Өтүп жатат айлар түгүл жыл дагы.
Жаш кезектен алып калсак билимди,
Калкка тиет түбөлүккө жардамы.

5–1232

Байкасаңар билим, акыл адамзатка,
Жаралган бул заманда бардык жашка,
Окууга өз эркин укук берип,
Окушту таланттулар сонун шартта.

# ТОЛКУНДАР УЧКУНУ

*(ИСКРЫ ВОЛН)*




КЫРГЫЗМАМБАС
1937

## «ТОЛКУНДАР УЧКУНУНА»

Толкундардын учкунусуң,
Кичинекей бөлүнгөн.
Эмгегимдин бөлүгүсүң,
Татынакай көрүнгөн.

Учкун, учкун, Ала-Тоолук,
Заман гүлү жаштарга.
Жүр сакталып жүрөгүңдө,
Шаңдуу шайыр жаштарда.

Ырдалган сен, ырыстуулар,
Кечесинде, жаштардын.
Шаңдуу шайыр жаш балдардын,
Көңүл-ойун башкаргын.

*20/VIII, 1937-ж.*

## АЙ САПАРДА

Дүйнө жүзүн ай айланат жол басып,
Океанга, курган жерге нур чачып.
Аңгеме айтат, ырын ырдайт,
бизге арнап,
Өскөн – өнгөн өлкө менен сырдашып,
Мейкин калат ай менен көз ымдашып.

*4/XII, 1936-ж. түндө*

## КҮН ТАҢ КАЛАТ

Күн асманда дүйнө жүзүн айланат,
Бизди көрөт, нурдуу күн да таң калат.
– Нурум жетпес уюлду да багынтты
Укмуш өлкө минут сайын алгалап.
Дүнүйөнү бүт айлансам кыдырып,
Көрө албадым мындай өскөн өлкөнү.
Канчалык мен алыстыкта турсам да,
Көңүлүмдү бөлөт өлкө көркөмү.
Аалам бүтүн бул өлкөдөй болсочу,
Көркөмдүгү таң калтырат мендейди.
Ырыс, бакыт бардыгына тең консо.
Бир саатта баарын көргүң келбейби?!
Деп асманда күн да бизге суктанат.
Кысып көзүн коштошкондой биз менен,
Асман менен – сапарына жол тартат…

## КҮНДӨН КҮНГӨ

Саат күнгө, күн айларга айланып,
Өмүр дагы жипсиз жылга байланып,
Жыл өткөн соң өмүр дагы кошула,
Өтүп жатат зымырылып – айдалып.
Бирок менин келечегим кызыктуу,
Жаңы жеңиш, жаңы иштерге кулак чуу.
Мындан мурун тарыхта да болбогон,
Укмуш иштер, совет эли бактылуу.
Гүлдөп турмуш жаша... жаша...жаша..
дейт,
Гүлдүү турмуш мендейлердин камын
жейт,
Мындай турмуш кимди ыраазы
кылбасын,
Эркелетип, терметип, ал алдейлейт.

## ТУҢГУЧ СЪЕЗД

*(Кыргыз Совет акыны-жазуучуларынын 1-чи съездине арнайм)*

Туңгуч съезд,
Чоң тарыхка жазылат.
Өчпөс болуп
Кызыл печать басылат.
Туңгуч съезд,
Бул тарыхта болбогон.
Октябрда,
Бизге тийген олжодон...
Бир кезекте,
Бизди мындай болот деп,
Айткылачы!
Мурун кимдер ойлогон.
Мындан мурун,
Арабызда тайгандай,
Эсеп-эсеп –
Алашчылар жойлоду.
Алашчыны –
Айдап кайтпас жолуна,
Компартия,
Арабызда койбоду.
Ошондуктан –
Жазуучулар саны өсүп,

Болот калем,
Ак кагазда ойноду.
«Алачым» деп –
Көксөп-көксөп эчендер
Карандашын –
Колго кармап сойлоду.

*1934-ж.*

## ЖАЙЛОО КОЙЧУСУ

Жайлоо бети асмандагы жылдыздай,
Жыбыр-жыбыр асыл малдар жайылат.
Жайлоо бети жылтылдаган кундуздай,
Мекериден сонун гулдөр тагынат.

Кар мөңгүлөр эрип-эрип суу болуп,
Жылгалардан ылдый агат шылдырап,
Салкын жайлоо, жыпар желдүү
күнгөйдө,
Жаңы койчу, үнүн созуп ыр ырдап.

Ойт десең! – деп селкиси да үн кошуп,
Курбусуна күлүмсүрөп жылмайат.
Үнүн кошкон курбусуна кубанган,
Койчумандан толкундуу ыр ырдалат.

*9/VI, 1937-ж.*

## КОМУЗ СЫРЫ

Өткөн күндө күңгүрөнүп
Түпсүз көлдөй түнөрүп,
Ачык-айкын сүйлөбөсө,
Үндүү комуз күүлөнүп.

Бүгүн көрчү ал комузду
Кандай күүнү күүлөдү?!
Байкап турса ал комузду,
Эмине деп сүйлөдү?!

Мурун эмне күңгүрөнүп,
Азыр эмне шаңкылдайт?!
Бул комуздун сырын билген,
Акын ага сырыңды айт.

– Комуз үнүн күңгүрөнткөн,
Кордуктуу го өткөн күн,
Чынды сүйлөп комуз чертсе,
Аган түшкөн каран түн.

Мисал алсак Токтогулду,
Чынды сүйлөп, чыккан үн.
Ошондуктан түрмөлөрдө,
Током жаткан көрбөй күн.

Ошондуктан ал кылымда,
Сайрабаган ал комуз,
Бук болсо да чечен комуз
Чыгарбаган бир добуш.

Эски комуз сыры ушундай,
Акын иним угуп ал,
Шаңкылдаган жаңы комуз,
Толгоп-толгоп күүгө сал.

Деди мага акын агам,
Айтты комуз сырларын,
Жаңы комуз колума алып,
Күүгө салдым, ырдадым.

## МЕНДЕН АНТ

Мен – өзүм да көп жаштардын биримин,
Өз өлкөмдүн санжаргасын коргоодо.
Бала ылачын – мен асманга учамын,
Канатта күч, мүмкүн эмес болжоого.
Тийип душман урушууну кааласа,
Душманыма каршы бүлүк саламын.
Курбуларга бул менден ант уккула,
Бул антымды орундата аламын.

*20/II, 1937-ж.*

## ЖЕРГЕ

Мен туулдум миң тогуз жүз –
Он бешинчи жылында.
Мен көрбөдүм не болгонун,
Өткөндөгү кылымда.

Ал сен болсоң баарын санап,
Өз башыңдан өткөрдүң.
Жаманды да, жакшыны да,
Баарын бирдей көп көрдүң.

Кылым санап, көргөнүңдөн,
Айтсаң мендей жаштарга,
Сенден жомок, угуп алып,
Чуу көтөрсөк асманга.

Сенин эски жомокторуң,
Биз үчүн бир казына.
Өсчү жаштар окуу үчүн,
Сырың калса жазыла.

Эчен гений адамдарды,
Өз койнуңа тарттың го,
Эчен кыргын болуп өтүп,
Кызыл канга баттың го.

Кан шимирип далай ирет,
Куп-куу болуп жаттың го.

Далай адам, айбанчылык
кылды, булгап жүзүңдү,
Ичиңдеги сырды билбей,
Өзгөртпөдү түсүңдү.
Мына ушундай эпизоддон
Айтчы бир топ үзүндү.

## БАКТАН ЭЛЕС

Бактылуу совет жаштары
Бактысы бүрдөп шактады.
Бул бактылуу заманды
Эр Сталин баштады.

Советтин эркин жаштары,
Ойлошпойт эч бир капалык,
Иштешет, эркин күлүшөт
Тартышпай эч бир капалык.

*Фрунзе, 18/VIII, 1936-ж.*

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Биздин элге бир башкача кубанып,
Сапар тартып, ай асманда, жылдыз бар.
Мейкиндиги эсеп жеткиз гигантка,
Ай нур чачып, жымыңдашат жылдыз-
дар.
Турмуш сырын чече билип эки жаш,
Айлуу түндө уктабаска ынтызар.

*Фрунзе, 4/XII, 1936-ж.*

6–1232

## КЕЛЕЧЕКТЕ

«Бешиктеги» жап-жаш балдар,
Билим үчүн умтулар.
Адам заттын сан өнөрү,
Нечен укмуш туудурар.
Ай, асманга жол салышар,
Айдын бетин чуу кылар.

Ошол кезде бүт дүйнөгө,
Коммунизм орнолот.
Асман жердин аралары,
Кыйма-чыйма жол болот.
Ошол кезде шаар болот,
Азыр ээн бул колот.
Поезд келер бул колотко,
Тынбай жүрүп жорголоп.

Он жаштагы жеткинчектер.
Аэроплан жүргүзөт.
Сегиз жашар октябрят,
Электрди күйгүзөт.
От ордуна электрди,
Пайдалана билишер.
Запас жаткан алтын кендер,
Кызуу ишке киришер.

Сатуучусуз дүкөн болот,
Бар керегиң табылат.
Мактангандай Тянь-Шаным,
Алтын, бермет тагынат.
Азыркыдан да көбөйүп,
Асыл малдар жайылат.

*6/VI, 1936-ж.*

## ШАҢДУУ ЭРЛЕР

Москвадан күн чыгышка
Тынбай учту эрлерим.
Учуп ага жетүү үчүн,
Басты Иосиф жерлерин.

Муз деңиздин бороондорун,
Түндүктүн күнсүз жерлерин.
Таң, калтырды дүйнө жүзүн,
Эрдик менен жеңгениң.

Таң каларлык укмуш ишти,
Биздин союз баштады.
Чкаловдор жер кыдырып,
Асманда арыш таштады.

Кандай сонун асманда ойноо,
Таза абада жаркылдап,
Болот куштун кош канаты
Күн нуруна жалтылдап.

Эрдик атак оңой эмес,
Таң калтырган дүйнөнү.
Шаңдуу эрди угуп душман,
Эбегейсиз сүрдөдү.

Дагы чыгат миңдеп, сандап,
Чкаловдой баатырлар,
Эбегейсиз баатырларга,
Дүйнө жүзү таңданар.
Мактанышып бул дүйнөгө,
Өлкөм дагы шаңданар.

*16/VII, 1936-ж.*

## УЛУУ БАКЫТ

Акылдын улуу деңизи,
Сталин эрдин жеңиши,
Миллиондогон элине,
Бир добуштан айтылып,
«Жашасын көсөм» дегизди.
Көңүлдүү, жыргал турмушка,
Эмгекчини жеткизди.

Ааламга аты таралган,
Бактына элдин жаралган,
СССР өлкөсү –
Бактылуу өлкө саналган.
Эч ким албайт бийликти,
Эмгекчинин колунан.

Жарык тийип бизге күн,
Душманыбыз болду күм.
Жеңиштерди ырдайлык,
Созолонуп чыксын үн.
Эбак бизден ооланган
Өткөндөгү кара түн.
Түбөлүккө орногон,
Мына бул жыргал өмүрүң.

Сталиндин таңында,
Конституция шаңында,
Кыргыз бүгүн ССР,
Алдыңкылар сабында,
Дүркүрөп өсөт мындан да.

Тянь-Шандай жеримди,
Гүлдөттү сонун элимди.
Бар улуттун теңдиги,
Колуна кенен берилди,
Кубангандан ошого
Балкытты менин денимди.

# КОШ БОЛ ГОРЬКИЙ

Жаштайыңда жетим калдың,
Бардык ишке сен кандың.
Жакшылыкты, жамандыкты,
Өз башыңдан аткардың.

Чиркин турмуш торлоруна,
Чырылдадың, илиндиң.
Эмгек менен бүт дүйнөгө
Ким экениң билиндиң.

Сенин чечкин эмгектериң,
Ок болду тап душманга.
Сен атканда жараланды,
Талкаланды душман да.

Бул доордо сиз болбостон
Арабыздан кеттиңиз.
Түбөлүккө уктай турган
Жерге бүгүн жеттиңиз.

Кетпейт элең, чиркин өлүм-
Өз эркине койбоду.
Ленин, Киров, Куйбышевге да,
Чиркин өлүм тойбоду.

Сени дагы кучагына –
Ала кетти бул өлүм.
Жүрөгүмө уу кайгыны –
Сала кетти бул өлүм.

Кош бол! Горький коштошоюн,
Түбөлүккө сиз менен.
Биз иштейбиз түбөлүккө,
Сиздин баскан из менен.

*22/VI, 1936-ж.*

## ШАҢДУУ КЕН

*(«Нарын» Таш-Көмүр кенине)*

Аскалуу тоонун алдынан,
Агын суу өтөт шыркырап,
Ал суунун аркы бетинде,
Таш көмүр жатат жалтырап.
Инженерлер көп күлөт,
Көпчүлүк баары тең сүйөт.
Сайдай болгон забойдо,
Көмүр ташып ат жүрөт.
Кирдим забой ичине
Колумда күйгөн чырагым
Жылтылдап күйөт кичине.

Инженери бул кендин,
Журавлев жолдошум.
Мен кызыгып көрөмүн,
Жумушчулар ордосун.

Надырбек менен Черновдор
Көмүр казып жатышат.
Күчтүү кол уруп метини,
Көмүргө белден батышат.
Алардын казган көмүрүн,
Вагондоп аттар ташышат.

Баатыр Кожо азамат,
Иштеп жатат жер казып,
Эмгектенип эпкиндер,
Бүткөн боюн тер басып.
Жер алдында өмүрүн,
Жыйырма жыл өткөргөн.
Көмүр казып забойдо,
Адис болгон, көп көргөн.
Баатыр Кожо азамат,
Жердин алдын тазалап,
Көмүр үчүн күрөшүп,
Бургусу ташка кадалат.

Кандай сонун кендин шаңы,
Күчтөндүргөн билекти.
Кандай сонун жердин шаңы,
Ээлендирген жүрөктү.

Темирден асман тиретип,
Көпүрө салган суусуна.
Көрсөң көңүл ээлигет,
Жаңы кендин чуусуна.
Жаңы кен шаңдуу чуу салат.
Шайыр эр ырдап үн салат.

Паровоз баштап вагондор,
Жүктөлүп көмүр жөнөлөт.

Сураганын алгандай,
Кубанып чуркап дөңгөлөп.
«Көмүрдү камда келгенче» –
дейт да кетет жөргөлөп.
Дегендей болуп аска-тоо –
«Тапшырмаңды аткарам
Сен сурап келсең, мен берип
Өз өлкөмө мактанам».
Дейт да калат шаңдуу кен,
Заводко берип алтын жем.

Мына бул кендин шаңына,
Ким кубанбайт ээлигип.
Мен ырдадым «Нарынды» –
Шаңына кендин берилип.

*3/VIII, 36-ж.*

## БААТЫР КУРБУМ

*(Кызыл Туулуу Ыраакы Чыгыш*
*армиясынын пулемёт бөлүмүнүн парторгу*
*С. Абдыкалыковго)*

Коргоо үчүн туулган жерди, душмандан,
Билим билүү, согуш ишин үйрөнүү,
Ар бир эрдин кечирилбес милдети,
Бирок уят – душмандардан сүрдөнүү.

Өтөймүн деп мындай улуу милдетти,
Өрт жүрөгүң бүт денеңди дегдетти,
Согуп жүрөк, ишендирип денеңди,
«Баатыр бол» деп алыска кол серметти.

Кол сермедиң максатыңа жетүүгө,
Аскер ишин колуң менен чечүүгө.
«Милдетти өтөйм, согуш ишин үйрөнөм»
Деп жүрөсүң өлкөнүн бир четинде.

Тарбиялап сени өстүргөн Ала-Тоо,
Күндөй жайнап, жаңылыкка
көчкөн жак.
Уккандырсың бүгүн Кыргыз ССР,
Жаркыраган сталиндик нур каптап.

Тил да жетпейт, сөз да жетпейт айтууга,
Сан-миңдеген зор өлкөдө жеңишти.
Биз тилектеш сен жеңиштүү кайтууга,
Элиң күтөт, сенден жеңиш, көп ишти.

## ӨЧПӨС ЭМГЕК

*(Пушкиндин өлтүрүлгөндүгүнө*
*100 жыл толушуна карата)*

Акын ким – ал өзүнчө көл, чалкыган,
Мелтиреп түбү терең зор океан.
Толкундуу өзүндөгү талант менен,
Жагымдуу көпчүлүккө күү кайрыган,
Тарыхта бул акындын өчпөс аты,
Өмүрдө чынды сүйлөп, чынды жазган.
Пушкин да зор океан чалкып жаткан,
Өзүнө эриксизден миң караткан,
Пушкиндин чыгармасын ким окуса,
Ал-кыйын океанда сапар тарткан.

Байытты жаңы сөзгө, жарды тилди,
Өлгөнчө жаңы сөздөр тапты чийди.
Түк өчпөс эмгек таштап арт жагына
Турмуштун кырсыгына башын ийди.
Өлдү акын, бирок өчпөс эмгек калды,
Бул эмгек окутат го далайларды.

Тизилген шурулардай жап-жаңы сөз,
Тарыхта түбөлүккө, такыр өчпөс.
Далайды таасирлентер, толкундантып,
Улуу акын А.С. Пушкин так айткан сөз.
Саналып жүздөп жылдар өтсө дагы,
Карашар чыгарманы бейтааныш көз.

*10/II, 37-ж.*

## МЕН ВАГОНДО БАРАТАМ

*(Кыргызстандын Ташкөмүр районуна*
*барган темир жолго карата)*

Дарыя бойлоп, жолу менен,
Паровозум баратат.
Мейкин талаа, аккан дарыя
Мени өзүнө каратат.

Терезеден баш чыгарам,
Мейкинге көз жиберем.
Орундалды ойдогу иш
Мындан мурун тилеген.

Биз эркинде жашаганга
Кылым али боло элек.
Эрк тийгенде төрөлгөндөр,
Жыйырмага толо элек.

Ошентсе да, доорубузда,
Тогуз-толгон жаңылык.
Миңдеген кен ишке кирди,
Мурун жаткан зарыгып.
Миңдин бири Нарын кени
Көрчүү сыры ачылды.
Кара алтыны, өндүрүшкө

Вагондолуп ташылды».
Деген ойдо бараткнда,
Паровозум бакырды.
Кен гудогу үнүн созду,
Кен балбанын чакырды.

Бир кезекте суткалык жол,
Он минуттук болуптур.
Эң, чеберлер жол салышып,
Зоолу ташты жонуптур.

Бийиктиги баш айланткан,
Цемент көпүрө салышкан.
Билим деген кандай сонун,
Киши болот даанышман.

*IX, 1936-ж.*

7–1232

## БИЗДИН КҮҮ

Мойнумдагы кызыл жагоо,
Кубанычта кубулган.
Биз жеткинчек жаш баатыр,
Октябрда туулган.

Дүйнөгө бүт жанат,
Октябрдын чырагы.
Кулайт кайта турбашка, *2 ирет*
Эскиликтин дубалы.

Биз турмуштун гүлүбүз,
Сталиндик заманда,
Гүлдөп өсүп жатабыз
Биз ыраазы заманда.

Дүйнөгө бүт жанат,
Октябрдын чырагы.
Кулайт кайта турбашка, *2 ирет*
Эскиликтин дубалы.

Дүйнө бизге теңелет,
Эзүүчүлөр жок болот,
Тең, жашайбыз дүйнөдө,
Шаттык нуру оштонот.

Дүйнөгө бүт жанат,
Октябрдын чырагы.
Кулайт кайта турбашка, *2 ирет*
Эскиликтин дубалы.

## МЕН ЖЕТЕЙИН МАКСАТКА

Мен балапан кезегимде,
Атам мени кайындап.
Билим алчу курагымда,
Тойдун күнүн дайындап.

Он беш жашка жаңы толдум,
Үйлөнүүгө той болду.
«Али жашмын ата» дедим,
Ойума атам койбоду.
Орундалбай мендеги ойлор,
Ой турмушка тордолду.

Кыйгас окуп билим алуу
Кезегинде жаштыктын.
«Турмуш» дедим уятсыз мен,
Жашчылыкты какшаттым.

Мына эми мен жыйырма эки –
Жашка чыктым, жигитмин.
Он төрт жашты бекеринче,
Өткөрүпмүн  жүрүпмүн.
Курбулардан артта экенмин,
Эми гана билипмин.

Мындан мурун турмуш мени,
Багындырды, бийледи.
«Өлбөс оокат, күн өткөр да,
Эл менен бир жүр» деди.
«Жаш чагында ойноп күлүп,
Жаштык доорун сүр» деди.
Ал мен эми турмуштун бул-
«Бал тилине» кирбеймин.
Алданбаймын бул турмушка,
Бардыгын мен иргеймин.
Керектүүсүн өздөштүрөм,
Керексизден четтеймин.

Мен жетемин максатыма,
Мейли жаштык өтсө да,
Бүгүн жаштык эртең эле.
Карылыкка көчсө да.

## ОЙНОШУП ЖҮРҮП ОЙЛОШОТ

Ааламды бүтүн кыдырып,
Жол тартып алыс жактардан,
Көк деңизин ай сүзүп,
Нур чачат жерге асмандан.

Ай нуру биздин мейкинде
Башкача жарык бергенсийт.
Алыстан арып жол тартып,
Биз үчүн гана келгенсийт.

Бизди эңсеген ай нуру,
Максатына жеткендей.
Самаганы орундап,
Ыраазы болуп кеткендей.
Зымырылып жөнөлөт,
Кулачын жайып асманда.
Нуруна айдын бөлөгөн,
Жүрүшөт бир топ жаштар да.

Мындай сонун түндөрдө
Кезиктим далай жаштарга.
Колтукташып сүйлөшүп,
Жетебиз дешет асманга.

Багынтууга асманды,
Ойлогон биздин жаштар го.
Курбусу менен бир жүрүп,
Ойлонгон биздин жаштар го.

## ЭМГЕК ЫРЫН ЫРДАДЫ

Кош да чыкты кең талаага,
Жабырады жайнады
Кызып эмгек ал талаада,
Минутуна тынбады.
Тилип соко талаа бетин,
Ал талааны сырдады.
Бригадир Темиркул да
Эмгек ырын ырдады.
-Түшүм үчүн күрөшөбүз,
Чигит эгип талаага.
Өстүрөбүз ак пахтаны,
Социалчыл талаада.
Өзүбүздүн жашыл талаа,
Ал чигитке жык толуп,
Кутулганбыз чет элдерден,
Пахта алууну токтотуп.
Байлар калат кризисте,
Күндөн күнгө жок болуп,
Биздин күчтөр жер козголтот,
Эпкиндүүлөр октолуп.
Деп Темиркул эркинденип,
Талбай кирди жумушка,
Кирди жапырт бригада,
Социалчыл жарышка.

## ЖЕҢИЛГЕН ЧИЛДЕ

Чыкылдаган кышкы чилде,
Күчөп турган кезинде.
Коньки тээп, жап-жаш балдар,
Ойнойт муздун үстүндө.

Чилденин курч сууктары,
Тоңдурам дейт балдарды,
Балдар болсо коньки тебет,
Лыжа жирейт ак карды.

Муз үстүндө дене тердеп,
Жалаң көйнөк желбиреп,
Кетет балдар, болуп шылдың,
Курган чилде жеңдирет.

*12/II, 37-ж.*

## УЧУШАТ ГО АСМАНГА

Алыска сапар тарткандай,
Булуттар менен баскандай,
Асман менен ай сүзөт,
Нур менен чырак жаккандай.
Тийгендей болуп жарык күн,
Салкын желдүү айлуу түн.
Колтукташып бир топ жаш-
Шыңкылдап күлкү, чыгат үн.
Курбусу басып жанаша,
Бир-бирин кылып тамаша.
Жүрүшөт жаштар бактарда,
Учууну ойлойт асманга.
Багынтар жаштар асманды,
Ойлогон оюн аткарышып,
Угулар аты асманга
Эрлердин даңкы таш жарып.

## ЭМНЕ МЕНЕН КИМ ЖАКШЫ

Эмгек менен-
Жемиш жеген,
Шаңдуу өскөн эл сонун.
Запасы болсо –
Көңүлгө толсо,
Жер алдында кен сонун.
Иштесе жерди –
Казышса кенди,
Булчуңу чың эр сонун.
Көркөм сулуу –
Эң акылдуу,
Болсо алганың эң сонун.
Бирге жүрсөң
Ойноп күлсөң,
Арманың жок сен сонун.
Жаз күнү болсо-
Жашыл чөп толсо,
Көркөмдүктө жер сонун.
Көңүлдү ачса –
Моокунду басса,
Жазгы таңда жел сонун.
Сүйгөнүң, калып –
Сен жүрсөң алыс,
Сүйгөндөн келген кат сонун.
Кечинде басып –

Көңүлдү ачып,
Жүрсөң жазгы бак сонун.
Сайраса үпүп,
Таңшыса күкүк,
Булар конгон шак сонун.
Атчандар минсе –
Кылтылдап жүрсө,
Үйрөнгөн жакшы ат сонун.
Эмгектеп тапкан,
Кымбаттуу алтын зат сонун.
Булардан башка,
Көп ойлон шашпа,
Эмне менен ким сонун?

*10/VI, 1936-ж. «Нарын»*
*Ташкөмүр кени.*

## ОКУШ КЕРЕК

Сезилбейби эски заман,
Далай кийин калгандай...
Болом десең, боло аласың
Бул турмушта ар кандай.
Кааласаң билим аласың,
Кааласаң летчик болсуң.
Самолет айдап асманда,
Ырыстуу жерге коносуң.
Паровозду бакыртып,
Машинист болсоң башкарып,
Тоонун көркүн чыгарган,
Инженер болсоң таш жарып.
Тянь-Шань бизде кубанат –
Каткырып күлүп кашкайып.
Ырыстуулук эмеспи,
Бул өндүү ишти аткарсаң,
Ар иштин билип тетигин,
Алдыңкы ишке ат салсаң.
Аткарууга бул ишти,
Мүмкүндүк толук бизде бар.
Бирок курбум ал үчүн,
Жаш кезинде окуп кал.

*18/VI, 36-ж.*

## ЁЛКА

Ёлкабызды айланабыз жүрөбүз,
Ёлка менен, биздер ойноп күлөбүз,
Жыргал турмуш, жаңы ёлка биз менен,
Бул турмушта биздер доорон сүрөбүз.

*31/XI, 36-ж.*

## ЖАЗГЫ ТАНДА

Бийлеп жаткан түн кетип,
Таң, агарып сөгүлдү.
Тракторун ырдатып,
Эмгек эри көрүндү.
Жазгы эмгектин темптери,
Кубандырат көңүлдү.
Социалчыл талаада,
Эпкиндүү эмгек кайнады.
Бардык шайман шай болуп,
Талаада коштор жайнады.
Ал эмгекти куттуктап,
Безенип торгой сайрады.
Талаанын көркү кош менен,
Саймалады жер бетин.
Түрдөнтүп сайрап акын куш,
Ал талаанын келбетин,
Колхозчу жүрөт кош айдап,
Агызып алтын берметин.
Жемишин жейм деп кубанат,
Азыркы кылган эмгектин.

*VI, 1936-ж.*

## САЛЮТ

*(ВЛКСМдын X съедине)*

Пионерлери эркин кыргыз элинин,
Жиберишет съездге ысык саламын.
Сталиндик кең доордо башталган,
Куттуктайбыз ал съездин аванын.

Ант беришет эркин кыргыз балдары,
Учкуч, суучул жана башка болууга.
Биз даярбыз! Эркин өскөн өлкөнү,
Даяр туруп, тап душмандан коруууга.

Аткарууга тапшырмасын съездин,
Салют берет пионердик ант менен.
Сталиндик бул замандын доорунда,
Аткарылат берген анттар, шарт кенен.

*18/IV, 36-ж.*

## БАГЫНТАБЫЗ АСМАНДЫ

*(Балдар ыры)*

Ырыстуу өлкө балдары,
Биз булбулбуз таңдагы,
Чет элдерде биздейлер,
Кыйналууда жандары.

Биз турмуштун гүлүбүз,
Биздин шаңдуу үнүбүз –
Калтыратат душманды
Биздин шаңдуу сүрүбүз.

Комсомолец агайлар,
Асманга учат атылып.
Душман келип кол салса,
Кууйт күлүн сапырып.
Биз да ушундай болобуз,
Биз учабыз асманга.
Биз машыгып жатабыз,
Уулуу газды чачканга.

## ТАРБИЯЛА ЖАШТАРДЫ

*(Л.Ж.нын он жылдыгына)*

Кыргыздан бир топ жаштарды,
Тарбия бердиң үйрөттүң.
Таалайлуу кыргыз балдарын,
Таң калгандай гүлдөттүң.

Сен сүрөгөн жаш балдар,
Ыр менен тоо курам – дейт.
Агыны катуу суу болсо,
Ыр менен арык бурам – дейт.

Сен өстүргөн ырчылар,
Гүлдөгөн жерди ырдашат.
Заманды шаңдуу баштаган,
Сталин эрди ырдашат.
Жер астынан казылган,
Ар түрдүү кенди ырдашат.

Толкундуу талант, күүлөрдүн,
Комузу болдуң чертилдиң.
Бүгүн чыгып он жашка,
Өсүп толдуң, жетилдиң.
Он жашың менен куттуктайм,
Тарбияла миңдерди.
Сталин доорун гүлдөткүн,
Сталин бизге нур берди.

*9/XI, 36-ж.*

8–1232

## ВОЖАТЫЙДЫН ЫРЫ

Биздин үндүү барабан,
Таң алдында чалынган.
Кыл кыяктай үн чыгат,
Колумдагы сурнайдан.

Сурнай менен күү чалам,
Кел чогул деп үн салам.
Шаңкылдаган биздин үн,
Таң, алдында сайраган.

Бизге кошуп миң обон,
Булбул үнү жаңырган.
Биздин үнгө жер бети,
Жашылданып албырган.

*1934-ж.*

## ПАРОВОЗ

Бир кездерде жалгыз аяк тар жолдо,
Ат, араба кенен басып жүрбөгөн.
Ал кездерде, айыл ичи муңайган,
Азыркыдай шайыр болуп күлбөгөн.

Бүгүн көрсөң, ошол жерлер өзгөрүп,
Көчөлөрдө таштар катар тизилген.
Мурункунун бири калбай ордунда,
Эскиликтин чынжыр жиби үзүлгөн.

Паровоздор күн чыгышты айланып,
Минут санап эпкинделип жөнөлдү.
Бул эле эмес биздер дагы өсөбүз,
Чоңойтобуз азыркыдан көлөмдү.

Сергей айдап паровозун бир тынбай,
Эпкинденип талбай келе жатканы.
Колхоз, совхоз – социалчыл чарбада
Керек буюм машиналар тартканы.

Мына ушинтип шаар менен талаанын –
Байланышын чыңамакчы паровоз.
Деген сөздү айтып туруп Жээнбек
Колун берди, Сергей менен болду дос.

*3/I, 1934-ж.*


# ЭСКЕРҮҮЛӨР



## АТАГЫН КЫРГЫЗ УГУШКАН

«Атактуу Аксы аймагы,
Акынга бай мурунтан.
Келешбаев, Жолдошев,
Ыр жазып бирге чыгышкан.
Темиркул, Жунай, Төлөгөн,
Атагын кыргыз угушкан.

***Анаш Сооронбаев,***
*белгилүү акын,*
*«Аксы баяны» деген поэмасынан үзүндү*



Олтургандар (солдон оңго) Кыргыз эл акыны Темиркул Үмөталиев, партиянын ошол кездеги Жаңы-Жол райкомунун 1-секретары Эргеш Асанов, (туруп тургандар) ошол кездеги Жалал-Абад областтык «Большевиктик жол» гезетинин редактору Абдылда Жолдошов жана Жузупбек Суранбаев. 1955-жыл.

# КЕРБЕН ШААРЫНЫН БИР КӨЧӨСҮНӨ АТЫН ЫЙГАРСАК

Ушул жашка келип газетага кабар жазып көргөн жан эмесмин. «Жаңы турмуш» газетасынан О. Станбековдун «Унутта калган жоокер акын?» деген макаласын, 9-майдагы санынан А. Жолдошевдин ырларын окуп Абдылдадай чыныгы атуулдардын унутулуп баратканына өкүнүп, акыры ал жөнүндө үн кошууну чечтим. Үзөнгүлөш жолдошу катары мен айтпаганда ким айтат!

Абдылда табиятынан сергек, сезимтал, боорукер, кичи-пейил, ишкер жан эле. Эл камы дегенде ичкен ашын жерге койчу. Өз учурунун эң билимдүүлөрүнөн эле, жарыктык. Ошол инсандын өмүрүнөн бир окуяны айтып берейин.

1946-жылдын жаз айы. Азыркы Ак-Жол айылдык Советинде сегиз колхоз

бар эле. Анын бири «Коммунизмде» мен башкарма элем. Абдылда райкомдун үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысы. Колхоздун Сөгөт деген жерин мурдагы башкарма коңшулаш колхозго эки музоолуу уйга сатып жибериптир. Кош чыгарганы барсам, жер биздики дейт. Ошол мезгилде Абдылда келип калды. Абалды түшүндүрсөм, райкомдун биринчи катчысына ат чаптырып, алдырды. Колхоздун жерин сатууга колхозчулардын макулдугусуз укугу жок экендигин түшүндүрүп, жерибизди кайрып берди. Кийин Жалал-Абат областык »Большевиктик жол» газетасынын редактору болуп турганда да өз жерине жана айылдаштарына көп кызмат көрсөткөн. Душмандары анын бул аракеттерин көрө албай, үстүнөн жалган жалааларды топтоп, «улутчул» делинип, кызматтан четтетүү маселесин койгондо өзүнүн бул иште актыгын далилдеп кеткен. Көрө албаган кутумдар уу беришип акыры максатына жетишкен го?!

Калайыкка кайрыларым бүт өмүрүн өз элине, жерине, партияга арнаган иде-

ологиялык майдандын жоокери, акын, согуштун катышуучусу Абдылда Жолдошевдин ысмын өчүрбөй сактап калыш үчүн Кербен шаарынын бир көчөсүнө ыйгарсак, жакшы болот эле.

***Аккулу Анарбай уулу,***
*Ак-Жол айылынын тургуну.*

## УНУТТА КАЛГАН УЛУУ ИНСАН

Жарык дүйнөдөн эртерээк кетип, аты-жөнү унутта калган акын, жоокер Абдылда Жолдошевдин өмүрү, тагдыры тарыхтын кайчылаш мезгилинде өтүп, 1937-жылы басылып чыккан «Толкундар учкуну» деген китеби менен кол жазма –«Саргарган дептер» ырлар жыйнагынын бир үзүмү бизде мурас болуп калганынан жазууга бел байладым.

Ооба, жердешибиз Абдылда Жолдошев негизсиз унутта калган чыныгы атуулдардын бири эле. 1915-жылы азыркы «Жаңы-Жол» совхозунун Сөгөт айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1925-жылы Ак-Суу айылындагы мектеп-интернатка барып окуйт, аны 1931-жылы бүтүп, Фрунзе шаарындагы педагогикалык техникумга кирип, 1934-жылы аяктайт. Насилинен талanttуу жигит поэзиянын терең сырына

жан дүйнөсү менен сүңгүп кирип, окуу жайынын алдындагы дубал газетадан А.Осмонов, М.Алыбаев жана башка талантттар менен тең катарлаш темир канатын таптаган. Педтехникумду бүткөндөн кийин келечектен көптү үмүттөндүргөн Абдылданы жолдомо менен ошол кездеги идеологиялык күрөштүн башаты болгон «Кызыл Кыргызстан» газетасына кабарчылыкка жөнөтөт. Курч проблемалуу макалаларды жарыялап, акындык талантын өөрчүтүп, ырларын үзгүлтүксүз жарыялап турат.

Таланттын алгачкы жемиши «Толкундар учкуну» деген ырлар жыйнагы 1937-жылы латын тамгасында басылып чыккан. Мында эркиндик, теңдик, эмгекчи эл, көмүрчүлөр жөнүндөгү ырлары топтолгон. Ошол эле жылы Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган.


А. Жолдошев 1937-жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылып, Амур дарыясынын жээгинде жайгашкан Поярков шаарында алгач курсант, кийин кичи командир катары аскердик милдетин өтөйт. 1940-жылы кайтып келип,



Абдылда Жолдошев замандаштары менен,
ортодо «Ленин жолу» газетасынын
башкы редактору Исак Жумабеков.

ошол кездеги партиянын Таш-Көмүр райкомунда үгүт-насаат бөлүмүндө инструктор болуп иштейт. 1942-жылы өз ыктыяры менен Улуу Ата Мекендик согушка аттанат. Согуштун аягына чейин катышып, жеңишти Берлинден тоскон. Бир нече медалдар менен сыйланган. Майданда күжүрмөн баракчаларды чыгарууга да катышып, солдаттардын духун көтөрүп, саясий иштерди жүргүзгөн, жан дүйнөнү чыңаган ырларын окуган.

1946-жылдын январь айынан тартып мурдагы партиянын Жаңы-Жол райондук комитетинде үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген, 1947-1949-жылдары республикалык жогорку партиялык мектепте окуп, анын орус тобун артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Кийин Жалал-Абад областтык «Большевиктик жол» газетасынын редактору болуп 1952-жылга чейин иштеген. Ал кездеги жагдайга ылайык, кара өзгөйлүктүн, көрө албастыктын торуна чалынып, катуу кысымдын коруна ууланып, катуу оорудан кийин 37 жашында өмүрү кыйылган.



ДИПЛОМ
С ОТЛИЧИЕМ
Б № 009319

Предъявитель сего тов. Джолдошев Абдулла
в 1946 г. поступил и в 1948 г. окончил полный курс Киргизской двухгодичной партийной школы и сдал государственные экзамены в соответствии с учебным планом.

Председатель Государственной экзаменационной комиссии
Директор
Секретарь
М. П.

Город Фрунзе 12 ноября 1948 г.

Регистрационный № 2

Л 1/VI 1948. Гознак. Москва. Зак. 3114.

АЙРЫКЧАЛЫК
ДИПЛОМУ
Б № 009319

Ушуну көрсөткөн жолдош Джолдошев Абдулла 1946 жылы эки жылдык партиялык мектепке кирип, 1948 жылы толук курсун бүтүрдү жана окуу планына ылайык мамлекеттик экзаменди берди.

Мамлекеттик экзамен комиссиясынын председатели
Директор
Секретарь
П. О.

Фрунзе шаары 12-ноябрь 1948-ж.


Регистрация № 2

Киргизский яз.

«Саргарган дептер» күздүн күнкү байтүп дарактын жалбырагындай саргарган кагазга үңүлүп олтуруп, акын ababыз Абдылданын кол жазмаларын алтындай сактап жүргөн иниси Жакыпбекке терең ыраазы болуп олтурдум.

Маркум акын А.Жолдошевдин адабий мурасы азырга чейин изилденбей жүрүшү өкүндүрдү. Саргарган барактарга үңүлүп олтуруп, анын талантынын өзгөчө белгилери жөнөкөй жана тарбиялык мааниси бийик деңгээлде экендигин баамдадым. Алтынга бергис кол жазма согуштун акыркы жылдарында жазылгандыгы ар бир барактарга коюлган күндөрдөн билинип турду. Кол жазмада, ырларынын аягында шаарлардын, Европа өлкөлөрүнүн аттары, болгон күнү так жазылган, ошол себептен акын агабыз да өзү абдан так киши болгон экен деген ойду калтырат. Ушул ырлар сыйкырдуу сүрөткө окшоп, ошол күндү, андагы турмушту көз алдыңа тартат.

Саргарган дептердеги сыясы оңуп бараткан ыр саптар мага өңү өчүп бараткан тоо гүлү сыяктуу туюлганы менен унутта калган акын А.Жолдошевдин


ПАСПОРТ
II-РЦ № 716606
II-РЦ № 716606

кайнар булагынын көзүн тазалап, адабий казынабызга кайтарып берилер күн да келер деген ишеним бийлеп турду.

Акырында айтарыбыз, анын ырларын архивдерден издесек, асыл мурастарын жыйнасак, иликтөөчү адабий уюм уюштурсак, анын ысмын ушинтип унутпай эстей жүрсөк.

***Ooганбек Станбеков,***
*жазуучу, КРнын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, Москва шаары*

## КЫРГЫЗДЫН ЧЫГААНДАРЫНЫН БИРИ ЭЛЕ...

Абдылда аке кыргыздын эң мыкты чыгаан инсандарынын бири болчу, орус тилин эркин сүйлөп, эркин жаза билген адам болгон. Ал кыргыз эли билимге зарыл учурда ошондой бийиктикке жеткен, ал эми азыр азыр мектепте жогорку окуу жайында окутулуп бирок сабаттуу жаза да, сүйлөй да албай жүргөндөр көп. Ошондон эле анын сейрек таланттуу адам экенин билүүгө болот. Мындай караганда Абыкени орус тилине эч ким окуткан да, үйрөткөн да эмес. Дээринде бар экен өз алдынча орусча окуп үйрөнүп, сабаттуу жазууга жетишкен. «Жаңы-Жол» район болуп турган кезде райондук партия комитетинин үгүт-наасат бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турганда орусча иш кагаздарды Абыке кыргызча которуп, орусча жазып турган адамдар саналуу гана болгон.

Айрыкча Абыке жаштардын билим алуусуна көп кеп-кеңешин айтып турган. Мен Жалал-Абатка мугалимдердин эки жылдык институтуна окуу үчүн барганымда мага жардам көрсөтүп, ошондон мен окуп калгамын. Ошентип билим аламын деген жаштарга колунан келген жардамын берген, аябаган боорукер адам эле.

Абыкенин эл арасында кадыр-баркы да чоң болуучу, анткени ал улуу-кичүүгө тегиз карап, бирдей мамиле жасагандыгы үчүнбү, же кандайдыр бир табият берген сапаттанбы, айтор адамгерчилиги башкача болуучу. Областтык масштабда райондордун жетекчилери тарабынан урмат-сыйга ээ болуп, абдан жогору турар эле. Абыке өзү адамга жага турган жөнөкөй, туурасын ачык айтып сүйлөгөн адам болгон. Мындай акын-жоокер, адамдык сапаты жогору болгон инсандын атын мектепке коюу татыктуу.

***Мазирбай Эргешбаев***
*Аксы райондук Карыялар Кеңешинин*
*төрагасынын орун басары*

## АТЫН МЕКТЕПКЕ КОЮУ АБДАН ТУУРА

Мен Жолдошев Абдылда акени областтык «Большевиктик жол» газетасында редактор болуп иштеген мезгилден баштап биле баштадым, анткени ал кишинин ырлары, макалалары газеталарга чыкчу. Ал кезде мен мектепте окучумун. Ошол газетага чыгарылган ырларын, макалаларын кызыгып окуп жүрчүмүн жана шыктанып калар элем. «Большевиктик жол» газетасындагы Абдылда акемдин көп макала, ырлары мага өзүмдүн журналисттик шыгымдын өсүшүнө түрткү болду.

Ошол иштеп турган мезгилде адабиятка, поэзияга кызыккан таланттуу жаштардын ырларын, макалаларын газетага басып чыгарып турган. Алсак ошол кезде студент болуп окуп жүргөн Жунай Мавлянов, Арзымбек Осоров, Муктар Борбугулов жана башка көптөгөн та-

ланттарды айтсак болот. Бул жөнүндө Жунай аке да дайыма айтып сөз кылып жүрчү. Мен да газетага макала жазып, эмгектин алдыңкыларын көрсөткөн макалаларым дайым жарыяланып турар эле. Ошентип Абыкенин таасири менен журналист болуп калдым.

Абыке өз мезгилинде таланттуу акын, журналист болгон. Орусча эркин сүйлөп, жаза билген сабаттуу адам эле. Абыкенин атын мектепке коюу абдан туура болот, анткени Абыкенин ырларын окуп, өмүр баянын билген окуучулардан таланттуу адамдардын чыгышына өзүнүн таасирин көрсөтө аларына мен ишенемин.

***Ысак Жумабеков,***
*мурдагы «Жаңы-Жол» райондук аткаруу комитетинин төрагасы*

## АКЫН, ЖООКЕР, ЖУРНАЛИСТ, КООМДУК ИШМЕР

Абыке редактор болуп турган кезде мен 10-класста окуучу элем. Биз газетадан анын макалаларын окуп калчубуз. Айылга келип калганда мени менен кадимки чоң адам катары учурашып, менин окуум жөнүндө сурап, анан жакшы оку, билим алып алсаң жакшы болот дечү. Элдин ичинде Абыкемдин кадыр-баркы чоң экен. Айылга келип калганда Жолдош абамдын үйү тойдогудай топурап киши үзүлбөй, Абыкеге учурашалы деп, көп адамдар келишер эле. Андан да райондогу иштеген Атаяров Өмүрбек, Сыдыков Матен, Жуманалиев Жакып, Темиров Абдырайымдар келишип жолугушкандарын көп көрөр элем.

Мындай урматтуу акын, жоокер, журналист, коомдук ишмер агайыбыздын элеси дайым көз алдымда турат –

***Мырзатаев Туралы,***
*Акжол айылынын тургуну.*

## АСЫЛ АДАМДЫН АТЫН ЧЫГАРУУ ЖАШТАРГА ТАРБИЯ

Мен элдин оозунан Абдылда Жолдошев жөнүндө көп жакшы сөздөрдү угуп жүрөм. Өз мезгилинде абдан чыгаан, эл үчүн иштеп, элдин керегине жараган адамкерчиликтүү, эл дегенде бардык ишин токтоткон адам болуптур. Бул жөнүндө менин Нурманбетов Ороскул абам сөз кылар эле. Абдылданы атам абдан жакшы киши эле деп кеп кылар эле. Жайлоодо «Байназар конуш» деген жерде Жолдош абам менен кошуна элек, бир күнү Абдылда аке барып калды, мени эркелетип, колумдан кармап алып:

– Окуйсуңбу?,– деп сурап калды. Мен анда 4-5 жашта болчумун.

– Жок окуй элекмин,– деп жооп бердим.

– Мектепте окуганда жакшы окугун, жакшы окуп билим алсаң сага жак-

шы болот,– деп айтып башымдан сылап койду. Мен эми байкасам адамга боорукер, кимге болсо да жакшы нерселерди ойлогон адам экендигин, алдыда сүйлөгөндөрдүн сөзүнөн баамдап олтурам. Мындай инсандын атын мектепке коюу, эскере жүрүү, бир жагынан адамдык касиетинен жаштарга тарбия болсо, экинчи жагынан эл, жер, жолдош-жоролору жөнүндөгү ырларын окуган окуучулар таасирленип, алар да чоң адамдык сапатка ээ болууга өбөлгө болору шексиз.

***Согушбек Жандаров,***
*айыл тургуну.*

## ӨЗ МЕЗГИЛИНИН ЧЫГААНЫ

«Аксы аймагында Абыкенин атын, затын билбегендер жок болсо керек. Анткени ал ошондой мыкты атуул, өз заманынын билимдүү, чыгаан адамы болгон. Өкүнүчтүүсү жаш эле 37 курагында өтүп кетти. Бирок ошол 37 жашында областтык жана райондук масштабда кадыр-баркка ээ болгон. Ким ушундай жашта элге атын чыгара алат. Адамдык чоң сапатка ээ, жакшы-жаманды ажырата билген, эл үчүн иштеген, туура сүйлөгөн, ар кандай маселеге адилет мамиле жасаган, сөздү таамай айткан, түз адам гана кадыр-баркка, эл урматтоосуна ээ болот турбайбы. Көрсө Абыкем так ошондой адам болгон экен.

***Дооранбек Машаев***

## ТАРЫХЫЙ ИНСАН

Жолдошев Абдылда Жалал-Абат областтык «Большевиктик жол» газетасынын редактору болуп иштеп турганда, областта жана райондогу жетекчилердин арасында өтө кадыр-баркка, өзүнүн адилеттүү сөздөрү, адамдарга туура мамилеси, эл үчүн күйөрман боорукердиги менен айырмаланып жүргөн адамдардан экендигин М. Сыдыков, Ж. Мавлянов, Жунузалиев, А.Өсөровдордун көп сөз кылып эскерип жүргөндүктөрү аркылуу белгилүү. Өз мезгилинде сабаттуу, орусча, кыргызча даана сүйлөп туура сабаттуу жаза билген адам болгон. Ата Мекендик согуштун катышуучусу, Польша, Венгрия, Чехословякияны бошотууга катышып, Берлинди алган. Мекен үчүн согушта бир нече медалдар менен сыйланган. Ар бир жердин, элдин мындай белгилүү, чыгаан

уулдары баалоого татыктуу. Өлгөндөр даңкталмайынча, тирүүлөр баркталбайт дешет эмеспи эл оозундагы накыл сөздө. Демек, анын атын түбөлүккө калтыруу ыйык милдет, анткени ал ага татыктуу тарыхый инсан.

***А.Кайназаров,***
*Ак-Жол айыл өкмөтүнүн төрагасы*

# ТАЯТАМ ААЛЫ, МИДИН, АЛЫКУЛ МЕНЕН БИРГЕ ИШТЕШЧҮ

Тээ кичинекей чагымда чоң аталуу, тай аталуу балдарды көргөндө, аларга аябай суктанып, кандай гана бактылуулар деп кызыкчумун. Кийин эс тарта баштаганда мен да тай атам жөнүндө, угуп, сурачу болдум. Ал жөнүндөгү эң сонун пикирлерди, эскерүүлөрдү угуп мен да өзүмдү бактылуу сезе баштадым.

Ыраматылык атам дагы: «Тай атаңар өз доорунун көрүнүктүү адамы, таланттуу акын, билимдүү ишмер болгон. Жооптуу кызматтарда иштеген. Эл жүгүн аркалаган инсандан эле» – деп эскерчү.

Тарых сабагынан берген ыраматылык Мазирбай агайыбыз болсо: «Жалын, жалын, тим эле өрт киши эле, чиркин»,– деп тамшанчу. Дагы көзү өтүп кеткен бир нече карыялардан: «Сенин тай атаң аябай жапакеч, боорукер адам болгон»

дегендерин угуп өзүмө идеал тутуп жүрдүм.

«Тегенеге» чөпкө жардамга барган жактан бизди иштеткен мугалимибиз: »Тээтиги күмбөз сенин тай атаңдын күмбөзү, ах кайран инсан чагылгандай жарк этип гана кете берди»,– деп кейигенде кандайдыр буулугуп кетип, бир ордумдан жылбай, күмбөз тарапты карап тура берипмин. Андан кийин күмбөздүн жанынан көп эле өтүп жүрдүк. Өткөн сайын тай энемден үйрөнгөндөрдү шыбырап бата кылып жүрдүм.

Ал эми тай энем болсо тай атамды «аябай ачык мүнөз, чындыкты бетке айткан, керек жерде боорукер, керек жерде кайраттуу, баарынан обон созуп ырдаганы укмуш эле» дейт. Жаштар чогулуп ыр ырдап, күү чалган убактарда, «Адый ырдап берчи, менин ордума сен эле ырдап берсең»,– деп жалбарып калчу экен тай энем.

«Тай эне өмүрүңүздөгү эң бактылуу кундөрүңүз жөнүндө айтып бериңиз» дегенимде ал – «Жетимиш жаш өмүр сүрдүм, балалык чагым жетимдик менен өттү, ушу сенин тай атаң менен Пишпекте үч жылдай жашадым, ошол күндөр



СҮРӨТТӨ: (солдон оңго) биринчи катарда: Т. Кекиликов, А. Осмонов, Ж. Камчы беков, экинчи катарда: А. Жолдошев, М. Алыбаев, Р. Байташев, Ж. Жоробаев. 1936-жыл.

мен үчүн эң бактылуу күндөр. Кызыл Аскерде турчубуз. Мидин Алыбаев, Алыкул Осмонов, Аалы Токомбаев жана жердешибиз Темиркул Умөталиевдер менен бирге иштечү. Алар биздин үйгө келип турушчу. Темиркулдун аялын жеңе дечүбүз». Айткандай эле тай атамдын жогоруда айтылган акындар менен бирге түшкөн сүрөтүн «Кыргызстан маданияты» газетасынан көрүп калып, тай энемдин айткандарын эстеп, бир эсе сыймыктандым. Азыр тай энем Бишкекте 90 жаш курагын сүрүүдө.

Тай атамдын апасы чоң тай энем – Маржеке – менен да көбүнчө бирге болдум. Анын жашаганга наараазы болуп:

«Күйүп турган күнү түн
Чырагымды койбодуң.
Чырпыктары шактаарда,
Чынарымды койбодуң.
Чындык десе чыйралган,
Чыгаанымды койбодуң», –

деп дагы аябай эле көп, ар түркүн кошоктоп айтып эскергендерин угуп куудай болгон чачын, каректен аккан жашын көрүп, эмне үчүн эле чырактай жаркын, чыгаан адамдар тез кетээр экен



Абдылда Жолдошев аялы Алишер кызы Ырыс менен, 1-катарда: апасы Маржеке, карындашы Калиман, атасы Жолдош. 1951-ж.

деп жүрөгүм эзилип, бүт денем сыздап кетчү. Бардык болгондордун баарысын согуштун каары деп, ошонун кесепетинен деп бүтүм чыгарып койчумун, бирок жазмыш менен эсептешчү эмесмин.

Эми таятамдын эстелигине гүлдесте катары ушул ырымды арнап коёюн:

Сүрөттө сен турасың кебелбеген,
Кымбатсың сен алтын да тең келбеген.
Согуштан эрдик менен кайтып келген,
Баатырсың, сен фашисттен жеңилбеген.

Бирок дагы жазмышка айла барбы,
Шум өлүм алып кетти ыраа көрбөй.
Гүлгүн жаш курагыңда кете бердиң,
Гүлсүнүңдүн жетилгенин чиркин
көрбөй.

Атаң да жүрөк эзип кайгы тартты,
Ичинен сызып жүрдү мөгдөй-мөгдөй.
Энекең сен деп какшап-боздой жүрүп,
Күйүттөн калган экен көзү көрбөй.

Эгерде дагы он жыл жашаганда,
Мен төрөлүп неберелүү болмоксуң.
Элиңе ак дилиңден кызмат өтөп,
Эр ортону 50-гө араң толмоксуң.



Маржеке жана Анар – эже-сиңдилер. 1950-ж.

Барсың тай ата, өлдү дешке кыйбаймын,
Атыңды да мен урматтап сыйлаймын.
Сен жөнүндө ар бир уккан сөздөрдү,
Көкүрөктө унутпастан жыйнаймын.

Таазим этем, эл журтуңа мен бүгүн,
Азем курду туугандарың бүт келип.
Өткөн өмүр, эмгек жолуң бааланып,
Мектебиңе койду атыңды эскерип.

***Гулнара Бостонова,***
*жээни, Райкомол айылында мугалим.*

## МАЗМУНУ

*Б.Чотурова*. Бир тамчы алтындай ...3
*Ж.Жолдошев*. Абдылда Жолдошев ...8

### Ырлар

Берлинге жеттим ... 14
Бей тааныш эки жаштын сүрөтүнө ... 15
Сүрөтүн берген немкага ... 16
Турмуштун таасири менен ... 17
Прага жолунда ... 19
Чех кызына ... 21
Балатон көлүнө ... 22
Ээ болгун билимге ... 24
Жеңиш тою кезинде ... 26
Бей таанышка четтен кат ... 30
Бирге тепсек селкинчек ... 32
Чыдай тур ... 34
Жигитке ... 36
Элди, жерди сагындым ... 37
Түнөткөнгө ... 39
Кыял менен ... 40
Тилек ... 41
Кателок ... 42
Ажалды алдап жатамын ... 44
Баарын берет ... 48
Жалпак-Ташка ... 50
Гүлстан эл ... 52
Салам кат ... 53
Кестик ... 55
Кезигишсек кайтадан ... 57
«Касты жеңип тууган элге»... ... 58
«Жетимче, он жаштагы жаш Анаркул» ... 60

«Согуш оту жалын чачып кокустан»... ........... 61
Сүйүшүп, ажырашканга ............................ 63
Сага ............................................ 64
Билим ........................................... 65

**Толкундар учкуну**

«Толкундар учкунуна» ............................ 68
Ай сапарда ...................................... 69
Күн таң калат ................................... 70
Күндөн күнгө .................................... 71
Туңгуч съезд .................................... 72
Жайлоо койчусу .................................. 74
Комуз сыры ...................................... 75
Менден ант ...................................... 77
Жерге ........................................... 78
Бактан элес ..................................... 80
Айлуу түндө ..................................... 81
Келечекте ....................................... 82
Шаңдуу эрлер .................................... 84
Улуу бакыт ...................................... 86
Кош бол Горький ................................. 88
Шаңдуу кен ...................................... 90
Баатыр курбум .................................. 93
Өчпөс эмгек ..................................... 95
Мен вагондо баратам ............................. 96
Биздин күү ...................................... 98
Мен жетейин максатка ............................ 99
Ойношуп жүрүп ойлошот ........................... 101
Эмгек ырын ырдады ............................... 103
Жеңилген чилде .................................. 104
Учушат го асманга ............................... 105
Эмне менен ким жакшы ............................ 106
Окуш керек ...................................... 108
Ёлка ............................................ 109

Жазгы танда ........................................ 110
Салют ........................................ 111
Багынтабыз асманды ........................................ 112
Тарбияла жаштарды ........................................ 113
Вожатыйдын ыры ........................................ 114
Паровоз ........................................ 115

**Эскерүүлөр**

Атагын кыргыз угушкан ........................................ 118
Кербен шаарынын бир көчөсүнө атын
ыйгарсак ........................................ 120
Унутта калган улуу инсан ........................................ 123
Кыргыздын чыгаандарынын бири эле ............ 131
Атын мектепке коюу абдан туура ........................................ 133
Акын, жоокер, журналист, коомдук ишмер ..... 135
Асыл адамдын атын чыгаруу
жаштарга тарбия ........................................ 136
Өз мезгилинин чыгааны ........................................ 138
Тарыхый инсан ........................................ 139
Таятам Аалы, Мидин, Алыкул менен бирге
иштешчү ........................................ 141

*Көркөм-адабий басылма*

**Жолдошев Абдылда**

**АЗИЯДАН БЕРЛИНГЕ**

*Ырлар, эскерүүлөр*

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Нурбек Туран*
Мукабасын көркөмдөгөн *Рахим Төлөбеков*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

Басууга 10.10. 2014-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х90$^{1}/_{32}$. Көлөмү 9,5 б.т.
Заказ № 1232. Нускасы 500 даана.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М. Горький көчөсү, 1.